# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №6 (304) | 30.07.2024. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


*Башкы сөз*

# ОЛИМПИАДАГА АК ЖОЛ!




Маматали МУРЗАЕВ

## ТӨКМӨЛӨРДҮН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ОЙЛОМУ ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТИ



3-БЕТ

## КАЗАКТЫН АТАКТУУ АКЫНЫ УЛУКБЕК ЕСДАУЛЕТ 70 ЖАШТА



8-9-БЕТТЕР

Түгөлбай КАЗАКОВ

## МАКТЫМКУЛУ



10-БЕТ


ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

# Мамлекеттик тилдин банк чөйрөсүндөгү абалы

*2024-жылдын 16-июлунда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия жана «Элдик Банк» ААК менен бирг мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө багытталган кызматташуу келишимине кол коюшту.*

Документке кол коюу аземине Улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев жана "Элдик Банк" ААК башкармалыгынын төрагасы Уланбек Ногаев катышты.

Кызматташтык аркылуу семинарларды, тренингдерди, курстарды жана кызматкерлердин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин жогорулатууга багытталган башка иш-чараларды биргелешип өткөрүү аркылуу банкта мамлекеттик тилин өнүктүрүүгө негизделген.

Мындан тышкары Кыргызстанда мамлекеттик тилди өнүктүрүүдөгү актуалдуу көйгөйлөрдү талкуулоо жана чечүү жолдорун табуу максатында илимий жана бизнес чөйрөнүн өкүлдөрү менен тегерек столдорду өткөрүү пландаштырылууда.




# Улуттук комиссия терминологиялык сөздүктөрдү жарыкка чыгарды

*2-июлда «Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» программасын аткаруу максатында Улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору тарабынан даярдалган 10 тармактык терминологиялык сөздүктүн бет ачары болуп өттү.*



Иш-чараны Улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев ачып, терминологиялык сөздүктөр ар кайсы тармакта эмгектенген кызматкерлердин иштерин дагы да жеңилдетээрин жана аларды чыгарууга салым кошкон жалпы эмгек жамаатка ыраазычылыгын билдирди.

Китептин бет ачарына сөздүктөрдүн авторлору, түзүүчүлөрү, терминологиялык комиссиянын мүчөлөрү катышты.

Жарыкка чыккан терминологиялык сөздүктөрдүн тизмеси:

Салык терминдеринин орусча-кыргызча, кыргызча-орусча сөздүгү;

Ички иштер органдарында колдонулган терминдердин орусча-кыргызча, кыргызча-орусча сөздүгү;

Курулуш, архитектура тармактарындагы атоолордун, сөз айкаштарынын кыргызча-орусча, орусча-кыргызча сөздүгү;

Дары каражаттардын жана медициналык буюмдардын орусча-кыргызча, кыргызча-орусча сөздүгү;

Медицинада көп кездешүүчү терминдердин орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү;

Биологиялык терминдердин кыргызча-орусча, орусча-кыргызча сөздүгү;

Философия терминдеринин сөздүгү;

Музей терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү;

Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык аталыштарынын сөздүгү;

Статистика атоолорунун (терминдер жана сөз тизмектери) орусча-кыргызча сөздүгү.

# Талас облусунда «Мамлекеттүүлүк жана мамлекеттик тил» аталышындагы жыйын өттү

2024-жылдын 9-июлунда Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамынын кабыл алынгандыгын 35 жылдыгына карата «Мамлекеттүүлүк жана мамлекеттик тил» аталышындагы кезектеги жыйындын отуруму Талас облусунда өттү.

Иш-чарага Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы М. Мураталиев, КР Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басара М.Сейдикеримова, облустук, райондук мамлекеттик администрациялардын, муниципалдык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекеме-уюмдардын жетекчилери, кызматкерлери катышып, Талас облусунда «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын аткарылышы, иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн, билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилде билим берүүнүн абалы, жарнама ж.б. мамлекеттик тил чөйрөсүндөгү маселелер талкууланды.

Жыйындын алкагында Улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев, Талас Мамлекеттик университетинин ректору Жыргалбек Шаршембиев менен жолугушуп, мамлекеттик тилди жеринде жайылтууга арналган окууларды уюштурууну жана тил саясатын жүргүзүүгө багытталган иштерди аткаруу максатында Меморандумга кол коюшту.





Ыйгарым укуктуу өкүлчүлүккө жана окуу жайдын китепканасына Улуттук комиссия тарабынан чыгарылган терминологиялык сөздүктөрдүн 10 томдугу тапшырылды. Жыйынтыгында берилген маалыматтардын, айтылган ой-пикирлердин жана сунуштардын негизинде төмөнкүдөй резолюция кабыл алынды:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында, райондук мамлекеттик администрацияларда, мекеме-уюмдарда иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча чараларды көрүү;

2. Жарнама, көрнөктөрдүн мамлекеттик тилдеги тексттерин жөнгө салуу максатында облустук, райондук архитектура мекемелеринде лингвист-эксперт штаттык бирдигин кароо;

3. «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын 39-беренесине ылайык мекеме-уюмдарда мамлекеттик тилди өнүктүрүү жүктөмү милдеттендирилген кызматкердин иш ордун штаттык бирдиктин алкагында чечүү;

4. Мамлекеттик, муниципалдык кызматчыларды «Кыргызтесттен» өткөрүү жана алардан иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнү талап кылуу;

5. Облус аймагындагы мекеме-уюмдарда, калкты тейлөө пункттарында, тез жардам, өрт өчүрүү, байланыш, калкты тейлөө борборлорунда (КТБ), коомдук тамактануу жайларында ж.б. жерлерде мамлекеттик тилдин колдонулушун көзөмөлгө алуу;

6. Билим берүү (мектепке чейинки, жалпы орто билим берүү) мекемелеринде тарбиячылардын, мугалимдердин (жалпы предметтик сабактар боюнча) квалификациясын жогорулатуу багытында Улуттук комиссиянын Окуу-маалыматтык жана котормо борбору менен биргеликте окутуу курстарын уюштуруу;

7. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди мамлекеттик тилге окутуп, иш кагаздарын КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 20-мартындагы №120 токтому менен белгиленген иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускамасынын талаптарына ылайык мамлекеттик тилде сабаттуу жүргүзүү максатында окуу курстарын Улуттук комиссиянын алдындагы Окуу-маалыматтык жана котормо борбору менен биргеликте уюштуруу;

8. Иш кагаздарын тариздөөдө термин маселелерин бирдейлештирүү жана иретке келтирүү максатында КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору менен иш алып баруу.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№7
(305)

30
07
2024

kyrgyztili@mail.ru

# Төкмөлөрдүн чыгармачылык ойлому жана интеллекти



Мамaтали МУРЗАЕВ

*Психология илиминде адамдын ойлому айлана-чөйрөсүндөгү нерселердин жана кубулуштардын касиеттерин чагылдыруу менен бирге эле алардын бири-бири менен болгон ачык же жабык (көзгө көрүнбөгөн,жашыруун) байланыштарын, карым-катышын, мамилесин жалпылаштырып, кыйыр түрдө чагылдырарын билдирет.*

Ойломдун бир түрү – чыгармачылык ойлом.

Төкмөлүк өнөр чыгармачылык ойлом менен тыгыз байланышта.

Чыгармачылык жалпы илимий категория болсо, чыгармачылык ойлом психологиялык түшүнүк болуп саналат.

Чыгармачылык оргиналдуу жаңы нерсе жаратат. Чыгармачылык үчүн шык, жөндөм, мотив (кызыгуу), билим, билгичтик, көндүм ж.б. зарыл.

Чыгармачылык ойломдун натыйжасында жаңы нерсе, идея ж.б. жаратылат, маселе жаңыча чечилет же маселе чечүү өркүндөтүлөт.

Төкмө чыгармачылык ойломдун негизинде жаңы нерсени (ойду-пикирди, сулуулукту ж.б.) жаратат.

Төкмөлөр: Элмирбектин, Аалы Туткучовдун ж.б. ырларынан татаал коомдук-саясый окуяларды, кубулуштарды талдоого алып, чечмелеп, бийик-бийик ойлорду айтуусу төкмөнүн чыгармачылык ойлоосунун жана интеллектинин бийик денгээлин көрсөтөт.

Биз макалабызда төкмөлөрдүн интеллект өзгөчөлүктөрүн талдоого алып, төкмөлүк ишмердикти аткарууда интеллектин ордун, кызматын ачып көрсөтүү аркылуу төкмөлөрдүн чыгармачылык ойлоосунун жана интеллектинин өнөрдүн сакталышындагы, өнүгүшүндөгү ордун, ролун ачып көрсөтүүгө аракет жасадык.

Психология илиминдеги эң татаал жана көп изилденген маселелердин бири - адамдын интеллектин изилдөө менен байланышкан.

ИНТЕЛЛЕКТ (лат. intellectus - разумение-акыл-эс) - адамдын акыл жөндөмдүүлүгүнүн туруктуу түрдө ар дайым анын ар түрдүү ишмердүүлүктөрүнүн, жүрүм-турумдарынын көрүнүшү.

Интеллект адамдын бир нерсени тез, оңой кабыл алышынан жана туура чечимди тез кабыл алышынан көрүнөт.

Интеллектке жараша адам инсандык сапаттарга, жүрүм-турумга ээ болот.

Интеллект инсандын бардык таанып-билүү функцияларынын – сезүү жана кабыл алуудан тартып, адамдын чындыкты таанып-билүүсүнүн аң-сезимдик атрибуту, негизги формасы болгон ой жүгүртүүгө чейинки таанып-билүү иш-аракеттеринин жыйындысы болуп эсептелет. Ошондуктан «интеллект» психологиялык өңүттөн ан – сезимдин когнитивдик чөйрө менен болгон тыгыз байланышынын көрүнүшү катары каралат. Себеби, «интеллекти» бул өңүттөн алып караганда аң-сезим бөтөнчөлүктөрүнүн белгилүү функцияларын аткарышынын натыйжасы болуп, адистер үчүн таанып-билүүдөгү бөтөнчөлүктөрдү аныктоочу белги катары кызмат кылып, ар кандай чен өлчөмдөрдүн негизинде интеллект көп түрлөргө ажыратылат. Анын жалпы тогуз түрү бар; Ховард Гарднер сегиз түрүн, Р. Киасоки бир түрүн аныктагандыгы белгилүү.

Интеллект жөнүндөгү ар түрдүү көз-караштарды жана мамилелерди жалпылаштырып (Г. Айзенк, Д.Б. Богоявленская, Д. Весклер, Дж. Гилфорд, Э.А. Голубева, В.Н. Дружинин, Д. Кэтчел, В.Д. Щадриков ж.б.) төмөнкүлөрдү белгилешкен:

интеллект болуп бир эле убакта интеллектуалдык жана чыгармачылык маселелерди чечүүгө багытталган жөндөмдүүлүк;

интеллекттин жогорку өнүгүүсүндө гана чыгармачылык жетишкендиктерге жетишүүгө болот;

чыгармачылык жалпы жөндөмдүүлүк жана жалпы интеллект бири-бири менен байланыштуу, бирок ар башка жөндөмдөмдүүлүктөр болуп саналышат.

Интеллекти түшүндүрүүчү Ч.Спирмендин Л.Терстоундун, Г.Гарднердин Р.Стернбергдин ж.б. теориялары белгилүү. Биз изилдөөбүздө Г.Гарднердин жана Р.Стернбергдин теорияларын келтиребиз.

Азыр адамдардын интеллектинин тогуз түрү белгилүү. Анын сегизин Гарвард университетинин профессору Ховард Гарднер «Рамки ума: теория множественности ума» аттуу 1983-жылы жарыкка чыккан китебинде адамдар ар түрдүү денгээлде билимдерди өздөштүрөрүн, ар бир адамдын билимдерди өздөштүрүүсү өзгөчөлүктөргө ээ экендигин баса белгилеп, адамдардын интеллектинин сегиз түрүн аныктаган.

Ховард Гарднердин пикири боюнча, эгерде ата-эне баласынын жөндөмү н кичине кезинде эле так билсе, аны ийгиликке жетише ала турган оңой жолго багыттай алат.

Ховард Гарднер интеллект көп түрдүү, алар бири – бири менен тыгыз байланышта болот деген идеяны айткан жана анын түрлөрүн (алгач алты түрүн, кийин дагы эки түрүн) бөлүп көрсөткөн. Алар: лингвистикалык интеллект, музыкалык интеллект, логикалык-математикалык интеллект, мейкиндик интеллект, кыймыл (кинетикалык) интеллект, инсан аралык интеллект (акыл-эс), инсандык ички интеллект (акыл-эс), табияттык интеллект.

Ал эми тогузунчу түрүн Р.Киасоки “Келечекти көрө билүү” интеллекти бар экендигин, Андай интеллектке бизнесмендер ээ болуп, келечекти көрө билүүгө жөндөмдүү болушарын айткан.

Жогоруда айтылгандарды талдасак, кыргыздарда мейкиндик, лингвистикалык, табияттык жана инсан аралык интеллект (акыл-эс) өтө жакшы өнүккөндүгүн белгилей кетүүгө болот.

Биздин пикирибизче интеллектин онунчу түрү катары төкмөлөрдүн интеллектин айтууга болот.

Биздин бул пикирибизди интеллекттин табиятын түшүндүрүүдөгү Р.Стернбергдин интеллектин үч факторлуу теориясы далилдейт:

а)аналитикалык (компонентный) – маселе чечүү жөндөмдүүлүгү. Төкмө акын айтыш учурунда такай маселе чечүү процессинде болот жана өнөктөштүн татаал суроолоруна, көтөргөн маселелерине ылайык жооп берүү талабы, андан бийик акыл жөндөмдүүлүгүнө ээ болууну талап кылат.

б)чыгармачыл (тажрыйба)-тажрыйбаларын, көндүмдөрүн пайдаланып турмуштагы жаңы проблемаларды чечүү жөндөмдүүлүгү. Төкмө акын кадам сайын жаңы проблемаларды чечип барат. Айтыш башынан аягына чейин жаңы проблемаларды чечүү менен коштолот.Анткени айтыш акындар үчүн акыл (шык, жөндөм) жарышы болгону үчүн атаандаштын ар бир суроосуна татыктуу жооп берүүсү керек.

в)практикалык (контекстуалдык) – чөйрөнүн өзгөрүшүнө ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгү. Төкмө кандай аудиторияда ырдап жатканын (угуучулардын өзгөчөлүгүн) эске алып, өз сөзүн, маанайын, ишке мамилесин заматта өзгөртүүсү керек жана сөз болуп жаткан дайыма теманын өзгөрүп кетишине даяр болушу керек. Мына ушул айтылгандар төкмөлөр интеллектинин көрсөткүчү болуп саналат.

Биз Р.Стернбергдин интеллектин үч факторлуу теориясынан сырткары төкмөлөр интеллекти жөнүндөгү ой-пикирибизди төмөнкүдөй аргументтер менен далилдейбиз: Биринчиден, каалаган адам эле төкмө ырчы боло албайт, тубаса шык-жөндөмү бар гана адам өзүндөгү шыкты өнүктүрүп жана төкмөлүк ишмердикти аркалап, мындай өзгөчө өнөргө ээ болот. Экинчиден, төкмөлүк ишмердикти аткаруу адамдан өзгөчө интеллектуалдык жана чыгармачылык аракеттерди жасап, алдыдагы интеллектуалдык жана чыгармачылык маселелерди чече алууну талап кылат. Үчүнчүдөн, төкмөлүк бир нече жөндөмдүүлүктөрдүн (тубаса интеллект, лингвистикалык жана музыкалык интеллект, чыгармачылык жөндөм, өзгөчө жан дүйнөгө ээ болуу ж.б.) негизинде аткарыла турган ишмердик болуп саналат. Төртүнчүдөн, төкмөлүк өзүнүн салтына ээ: эң башкысы элдин көңүлүн көтөрүү жана эстетикалык-рухий талабын канааттандыруу болуп, өзүнүн устаттарынын ырын ырдап, баскан жолун (чыгармачылыгын) элге жайылтуу, устат-шакирт мамилеси, өзүнүн чыгармаларын аткарып, айтышка түшүп өзүнүн акындык чеберчилигин сынап жана өнүктүрүп баруу, өз артынан шакирт чыгаруу ж.б. салттар бекем сакталган.

Ушул жогоруда айтылгандар төкмөлөр интеллекти бар экендигинин далили. Ушул жагынан алып караганда, ар ким эле төкмө боло албайт. Анткени кичи ырдаганга өтө ышкыбоз болсо, жамакчы акын денгээлине гана көтөрүлө алат.

Жыйынтыктап айтканда, төкмөлүк өнөр такай бир эле убакта интеллектуалдык жана чыгармачылык маселелерди чечүүгө багытталган ишмердикти аткаруу (жөндөмдүүлүк) болуп, интеллекттинин жогорку өнүгүүсүнө жеткен адам гана төкмө катары чыгармачылык жетишкендиктерге жетише алат жана төкмө ар башка жалпы акыл-эс, интеллект жөндөмдөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү аркылуу өзүндө интеллектин өзгөчө түрүн өнүктүрүүгө жетишет.

Психологияда акыл-эс, ойлом маселе чечүү менен байланышта каралат.

Айтышта акындардын интеллектуалдык өнүгүүсү атаандашы койгон суроолорго, көтөргөн маселелерге жооп берүү аркылуу ишке ашат.

Эми төкмөнүн чыгармачылык ойломунун өзгөчөлүктөрүн чечмелөө үчүн интеллекттин калыптануусу жөнүндөгү Жан Пиаженин теориялык көз караштарын келтиребиз.

Психологияда интеллектин генезисин ачкан Ж.Пиаже адамга логика тубаса берилбейт, акырындык менен жаралат жана өнүгөт, аны психологиялык жол менен изилдесе болот деген гипотезага негизденип, изилдөө иштерин баштап, адамдын логикалык операцияларынын психологиялык механизмдерин аныктаган.

Негизинен Ж.Пиаже баланын акыл-эси, ой-пикири менен реалдуулуктун байланышын изилдеп, адамдын алдында маселе жаралганда, аны адам эки жол менен чечерин белгилеген: маселени чечүүдө мурда үйрөнгөн акыл аракеттерин колдонуу менен (маселени чечкенге ылайыктап өзгөртүп) маселе чечүүнү ишке ашырат жана 2) жаңы кырдаалга, маселеге жараша акыл-аракеттерди өзгөртүп, маселени чечүүгө жетишет.

Бул айтылгандарга негизденип, төкмө акындардын чыгармачылык ишмердигин талдоого алсак, төкмөлүк акындардын бири-биринен акыл аракеттерди үйрөнүү аркылуу жаралары белгилүү болот. Бул шакирт түшүп, өнөрдүн сырларын үйрөнүп, устаттарды туурап ээ болгон акыл-аракеттер жана чыгармачылык менен жасалган аракеттер жаңы төкмөнү жаратары белгилүү болот. Жаш төкмө айтыш учурунда чыгармачылыгы артып, өнөрү такшалып, бара-бара бүт акындык талант дарамети толук көрүнөт.

Биздин пикирибизче, жеке ырдаганда, айтышта ушул эки ыкмада төкмө акыл-аракеттерин аткарып, алдында пайда болгон маселелерди чечип, төкмөлүк өнөрдү аркалап келет.

Төкмөдө максат, мотив бар жана алар аракет-амалдарды тандоого түрткү болот. Ошол максат, мотив ойломго таасир этип, акын айтылган сөздөрдү анализ-синтезден өткөрүп, салыштыруулар аркылуу жооп берет.

Төкмөлүк ишмердик чыгармачылык ойлоонун негизинде ишке ашат жана айтыш учурундагы ойлоо этаптары төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат:

Төкмөнүн алдында проблеманын пайда болушу. Атаандаш акындын айткан сөздөрү (мактоосу, каралоосу, юмору, ой-пикири ж.б.) проблема катары берки төкмөнү ойлонууга түртөт.

Атаандашынын сөздөрүнө эмне деп жооп берүүнүн варианттарын ойлоо.

Чыгармачылык ойлом менен жаны ойду, көз карашты жаратуу.

Эргүүгө кирүү.

Атаандаш төкмөгө жооп берүү.

Анын сөзүнө атаандашы эмне деп жооп берерин күтүү жана атаандаш акындын сөздөрүнө жооп даярдап олтуруу, жаңы проблеманын пайда болушу.

Төкмө айтышта көндүм болгон алгоритмди, ойлом стандарттарын карманат. Ошого ориентация алат. Эми ушуларга токтоло кетели.

Тарыхый өнүгүүдө төкмө акындык өнөр өзүнүн салтын, ишмердикти аткаруу тажрыйбаларын ж.б. жаратканы. Төкмө акын болуу үчүн акындыкка талапкер болгон адам төкмөлөрдүн ырдоо салтын үйрөнөт, аларды өздөштүрүп, төкмө акын катары калыптанат. Ошондон айтыш процесси акындан төмөнкүдөй белгилүү, салттуу иш аракеттерди-алгоритмди аткарууну талап кылат:

*(Уландысы 13-бетте)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№7 (305)
30 07 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Аалам менен адамга тийген биликтин жарыгы



**Садык АЛАХАН, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин проректору, филология илимдеринин доктору, профессор.**

Боордош казак элинде Казакстан Республикасынын Абай атындагы Мамлекеттик сыйлыгына көрсөтүлгөн чыгармаларды талкуулоо кызуу жүрүп жаткан кез. Эң абройлуу бул сыйлыкка көйкашка акын Бауыржан ЖАКЫПтын "Билте шамдын жарыгы" аттуу ыр жыйнагы да көрсөтүлүп, жалпы элдик колдоого алынууда.

Бауыржан Жакып эки тизгинди бирдей алып жүргөн таанымал талант. 1994-жылы "Мухтар Ауэзов – публицист" деген темадан кандидаттык, 2004-жылы "Казак публицистикасынын калыптануу, өнүгүү жолдору" деген темада докторлук диссертацияларын ийгиликтүү коргогон. Окумуштуунун илимий жетекчилиги менен 21 кандидаттык, 4 докторлук, 1 PhD диссертациялар корголуп, 40ка жакын диссертациялардын расмий оппоненти болуп, далай илимпоздорго ак жол каалаган. Казакстан Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү болуп шайланганы эле Бауыржан Жакыптын казак адабиятынын тарыхы, казак адабиятынын теориясы, казак публицистикасы жөнүндөгү илимий эмгектеринин баасалмагы канчалык бараандуу экендигинин айкын күбөсү болуп турат...

Бауыржан Жакып кыргыз окумуштууларынын илимий чөйрөсүндө да чоң абройго ээ. 2011-жылы эле Чыңгыз Айтматов атындагы коомдук академиянын академиги наамынын ыйгарылышы Б.Жакыптын жараткан эмгектеринин кыргыз илимпоздору үчүн да өзгөчө бийик баалангандыгынын айкын далили демекчибиз.

Жогоруда биз Бауыржан Жакыпка карата "көйкашка акын" деген аныктаманы жөн жай эле колдонгон жокпуз. Бауыржан Жакып буга чейин "Жылдыздуу чак", "Боз үй", "Алаша", "Домбура", "Үч тал үкү", "Айдыңдагы асман", "Көзүмдүн нуру", "Апамдын ийиги", "Колтамга", "Атамдын бөркү" ж.б. ондон ашуун поэтикалык жыйнактарын окурмандарга тартуулаган. Бул жыйнактардагы көркөмдүгү жогору, эстетикалык кунары бийик, тарбиялык мааниси терең, поэтикалык ойлору оригиналдуу чыгармалары окурмандардын зор алкоосуна татып, натыйжада, акынга Казакстан Республикасынын Жазуучулар кошуунун М.Макатаев атындагы адабий сыйлыгы (1990), Казакстан Республикасынын "Дарын" мамлекеттик жаштар сыйлыгы (1999), Ж.Нажимеденов атындагы сыйлык, Эл аралык "Алаш" адабий сыйлыгы ыйгарылган. "Маданият кайраткери" ардактуу наамдын, "Керемет", "Парасат" ордендеринин ээси. Ушул күндө көйкашка акын Буаыржан Жакып Казакстан Республикасынын Жазуучулар кошуунун Башкармалыгынын төрага орун басары кызматын аркалап келе жатат.

Бардык акындар сыяктуу эле Бауыржан Жакып да адабияттагы түбөлүктүү темалардын алкагында көркөм туундуларын жаратып келет. Алардын сап башында, албетте, киндик кан тамган ТУУЛГАН ЖЕР турат. Сарарканын учу-кыйырсыз талаалары менен Чыңгыс-Тоонун дөңсөөлүү адырлары акынга эргүү берген, поэтикалык зор дем берген касиеттүү жерлер экендигин окурман айкын туюнат.

*Көзүмдү туулган жердин гүлү эмдеген,*
*Денемди Коңыр олуя суусу эмдеген.*

Абай менен Чокандын мекени болгон Семейде туулган акын казак поэзиясынын залкар өкүлдөрүнүн туулган жер жөнүндөгү ырларындагы улуу духту андан ары татыктуу улантты.

*Туулдум улуу Абайдын айылында,* – деп жазды акын. Албетте, бул тек гана киндик кан тамган кыштак кай жерде экендигин маалымдаган сап эмес болчу. Бул сап терең подтекстке ээ экендигин ар бир окурман туюп турду. Акындагы атуулдук жоопкерчиликти, маюндагы оор жүктү сезүүнү айкын далилдеп турган сап эле бул төрт сөз.

*Өлөң-ырдан нар алган тамырым да,* – делип уланды ыр андан ары. Көрсө, Бауыржан Жакып катардагы калемгерлердин бири эмес экен. "Ыңа-а" деп жерге түшкөнгө чейин эле дүрсүл соккон ымыркай жүрөгү аркылуу, киндиги менен туташып турган тамыры аркылуу апасынын ак бешикти жөлөнүп алдей айткан өлөңүнө, казак ырына суугарылган экен! Тамыры да өлөң-ырдан нар алган Бауыржан Жакып бүгүнкү күндө казак поэзиясынын жаркын жылдыздарынын бири болуп олтурат.

Акын үчүн киндик кан тамган ТУУЛГАН ЖЕР менен омуртка сөөгү сыздап тогуз ай көтөрүп, токсон толгонуп бул жарыкчылыкка алып келген ЭНЕ ажырагыс ыйык түшүнүктөр. Б.Жакып табиятынан тубаса акын катары эненин образын ар кандай метафораларды, түркүн-түс салыштырууларды, күтүүсүз табылган эпитеттерди өзгөчө ыктуу пайдалануу менен жаратат. Бул оюбуздун эң сонун мисалы катары акындын "Колтамга" деген ырын көрсөтөр элек. Мындай караганда өзгөчө деле эч нерсе жоктой көрүнөт. Эне, курут, курут тоголоктолуп жатканда түшүп калган колдун изи. Болгону ушул. Бирок, бул көрүнүштөр Бауыржан Жакыптын акындык жүрөгү аркылуу нукура поэтикалык дүйнөгө, болгондо да бүтүндөй бир элдин турмуш ыңгайы, жашоо образы, баланын баёо дүйнөсү, эненин ыйыктыгы төгөрөгү төп келе көрсөтүлгөн поэтикалык дүйнөнүн бийиктигине көтөрүлгөн.

*Күн нуру көздө ойноочу,*
*Турганда биздер азанда.*
*Бүркүл да бүркүл кайноочу,*
*Ак курут кара казанда.*

Азан айтылгандагы таңкы учур кандай таза, кандай тунук, кандай аруу болсо, балалык дүйнө да ошондой таза, ошондой аруу болот эмеспи.

*Көктөн күн шоола себет да,*
*Нур төгөт жерден энебиз.*

Бул ырдын ар бир түрмөгү өзүнчө бир жаткан көркөм дүйнө деп айтар элек. Күн жана Эне. КҮН – жер үстүндөгү кыбыр эткен жан-жаныбардын гана эмес табияттын өзүнүн да жашоосунун башаты, жашоонун булагы болсо, ЭНЕ – пенде баласын жарык дүйнөгө алып келген, адам уулуна жашоо берген ыйык адам, жашоонун башаты, жашоонун булагы. Бул эки башат менен эки булак ар адам үчүн ыйык да, аруу да. Бауыржан Жакып бул керемет ырында ушул эки башатты, эки булакты кош катар сүрөттөө менен айтыла турган автордук ойго дагы да терең маани, дагы да бийик маңыз сиңире алган...

*Жаш курут жейбиз эркелеп,*
*Шол даамдан бойго кут тарап.*

Бул кош сап аркылуу казак менен кыргыздын эзелки жашоо ыңгайына экскурс жасасак болот беле? Арийне, болот болчу. Казак менен кыргыздын эр азаматтарынын көргөн көздү сүйүнткөн алп сөөлөттүү болушунун, казак менен кыргыздын кыздары көргөн көздү суктанткан айжамалдуу перизада болушунун сыры тууралуу айтсак болот беле? Арийне, болот болчу. Ата-энеге эркелеп өскөн, табият менен таттуу мамиледе болуп өскөн, дене бойго кут берген азык менен азыктанып өскөн эр жигит менен айдай кыз ар качан атпай журттун кубаты, таянычы, бел тутар аскарзоосу болуп келгендиги тууралуу узун сабак кеп кылсак болот беле? Арийне, болот болчу...

Дегеле, Бауыржан Жакыптын "Колтамга" деп аталган бул ыры жеке эле автордун чыгармачылык жолунда эмес жалпы эле казак поэзиясынын контекстинен алганда да предметке карата жаңыча мамиленин, автордук ойду айтуунун эч кимге окшобогон жаңыча көрүнүштүн үлгүсү болуу менен нукура новатордук көркөм туунду болуп эсептелет.



Бауыржан Жакып залкар талант катары өз элинин эң белгилерин өзгөчө бир бийик пафос менен ырга кошуп келет.

*Жан домбырам не деген кудуретсиң,*
*Сүйлөгөн жалгыз гана тээк менен.*

Албетте, домбура менен комузду казак менен кыргызда кимдер гана ырга кошподу. Бирок, Бауыржан Жакыптын жогорудагы кош сабы казак калкынын керемет музыкалык аспабы, музыкалык аспабы гана эмес жаны бирге ыйыгы тууралуу чекеге черткендей айтылганы, домбуранын касиети, кудурети менен анын өзгөгө окшобогон өзгөчө бир өзүмдүк белгиси ("Сүйлөгөн жалгыз гана тээк менен") тууралуу таамай-так айткандыгы менен айырмаланып турат. Кыргыздын нукура новатор, классик акыны Алыкул Осмонов да учурунда (мындан 70 жыл мурда):

*Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,*
*Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз,* – деген керемет кош сапты жазган эле. Албетте, бул жерде сөз окшоштук, анан калса тууроо жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес. Кеп эки таланттын ырга кошо турган предметти кабыл алуусундагы көркөм туюмдун кош катарлыгы, эки акындагы талант-дараметтин бийиктиги тууралуу гана кеп болуусу керек. Бири комузду, экинчиси домбураны даңктоо менен бир катарда тургандыктары тууралуу гана сөз болуусу керек!..




Бауыржан Жакыптын биз сөз кылып жаткан "Билте шамдын жарыгы" аттуу жыйнагынын аталышы коюлган ыр жөнүндө айтпай кетүүгө болбостур. Бул ырдан келтирилген түрмөктөрдү которботстон түп нускада кандай болсо, дал ошондой калыбында окурмандарга тартуулайлы.

*Ай туады, Күн кашады,*
*Алдымызда түн тосады.*
*Жанушы эди сондо біздін,*
*Караша үйдін білте шамы.*

*Жанымызга жарык беріп,*
*Парактардан әріп теріп.*
*Сол жарыкпен окушы эдік,*
*Талай кітап алып келіп.*

Мына ушинтип акын алгач окурманын тээ алысталыста калган балалыктын аруу дүйнөсүн алып барат. Бул дүйнө мөлтүр кашка суудай таза эле, чоң дайра башат алган асканын боорундагы булактай тунук эле. Мына ошондуктан бул эки түрмөк окуган адамды магниттей өзүнө тартып, ким-кимди болбосун боз мунарыктай алыста калган тестиер курагына, жашоонун башаты болгон атаэненин үйүнө алып барат. Ал үйдүн ичинде күйүп турган биликтүү чырактын жанына отургузат. Биликтин жарыгы бүт ааламды жарык кылар касиетке ээ экендигин, биликтин жарыгынан келип турган жылуулук ар бир адамдын жан дүйнөсүн жаркыратып турарын сездирет. Биликтин жарыгына аалам жаркыгандай эле ал жарыкты карап турган адамдын да тулку бою нурданат, арууланат. Дегеле башка бир ааламга туш болот. Бул абалды акын момундайча ырга кошот:

*Ерлік маздап жас денеңде,*
*Ой толғайсың баска ауенде.*
*Білте шамдын жарығымен,*
*Отурасың баска алемде.*

*Терезеден үрланып Ай,*
*Күлімсіреп түрған үдай.*
*Білте шаммен біз оқыған,*
*Гашыктардың сырларын-ай,*
*Батырлардың жырларын-ай.*

Жалпы жаштар хор менен ырдай тургандай шаңдуу, салтанаттуу аяктаган бул ыр жашоонун улуулугун жар салып тургандай кабыл алынат.

Жогоруда биз "Бауыржан Жакып бүгүнкү күндө казак поэзиясынын жаркын жылдыздарынын бири" дедик. Бул сөздүн жоопкерчилигин толук моюнга алуу менен акындын окуган адамдын жан дүйнөсүн байытып кулазык боло турган, ар бир окурмандын кыялын алып учуп канат байлата турган ырлары тууралуу талдообузду уланта берсек болмок. Бирок, мындан аркы сөздү кийинкиге калтыруу менен Бауыржан Жакыптын бүгүнкү күндөгү акындык кредосу тууралуу өзүнүн:

*Мен дагы бир көпүрө болсом болду,*
*Өткөндү, болочокту кошуп турган,* – деген кош сабы менен сөзүбүздү жыйынтыктасак деп турабыз. Албетте, Бауыржан Жакып азыр дал алтымыштын кырына келип, акылы толуп, парасаты ташып, таланты таң калтырып турган мезгили. Өзү айткандай, казак калкынын ар кайсы курактагы таланттарынын ортосундагы көпүрө болоруна улуу муундагы акын, жазуучулардын да, казак адабиятынын каалгасын кагып жаткан жаш муундун өкүлдөрүнүн да эч кимиси шек санабайт.

Залкар таланттын "Билте шамдын жарыгы" деп аталган – көп маанилүү, катмар проблемалуу – китебинин Казакстан Республикасынын Абай атындагы Мамлекеттик сыйлыгына көрсөтүлүп жатышы кыргыз окурмандарын да кубантып жатат. Бул китеп боордош элдин эң жогорку сыйлыгына толук татыктуу экендигин атайын белгилеп коюуну жана кош колдоп колдой турганыбызды жалпы журт астында ачык айтууну эп көрдүк.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№7 (305)
30 07 2024
kyrgyztili@mail.ru

# САЛТТУУ МАДАНИЯТТЫН МЕТАФИЗИКАСЫ



**Аскарбек БЕКБОЕВ,
профессор**

*Макаланын аталышында анын мазмундук тилкесин концептуалдык жактан аныктап турган үч түйүндүү түшүнүк камтылган: “салттуу маданият”, “метафизика” жана “философиялык рефлексия”. Адеп философиялык угуту бар ушул “объект-субъектилик” мамилелердин конкреттүү көрүнүшү болгон үч түшүнүктүн логикалык табиятын, семантикалык маанисин жана концепттик кудуретин астейдил тастыктап, текст-ойдун ырааттуулугун (ойломдук бүтүндүгүн) камсыз кылуу макаланын имманенттүү зарылдыгы болуп эсептелет.*

Салттуу маданият белгилүү бир коомдук түзүлүлүштүн (социалдык эволюциянын этаптык формасынын) руханий субъективдүүлүгү катары пайда болгон, ошол коомдук түзүлүшкө тиешелеүү объективдүү зарылдык болгон коомдук мамилелердин формасы менен мазмунун, моралдык кодексин аныктап турган, баалуулуктардын, норма-эрежелердин (этникалык каада-салттардын) жыйындысы. Салттуу коом деп аталган социалдык базистин ага тиешелүү надстройкасы же ушул эле ойдун дизъюнкциясы - салттуу коомдун ырааттуу маданий түзүлүшү, белгилүү деңгээлде салттуу коомдун жалпы-синкреттүү (коллективдик) аң-сезиминин, элдик дүйнөтүшүнүктүн маданийлогикалык туюнтмасы.

Салттуу маданият кеңири маанисинде каада-салтка негизделген турмуш-тиричиликти жөндөп турган өктөмдүк кудурети бар транцендентүү сыяктанган “кратостук” функцияга ээ кубулуш. “Билим, Түшүнүү, Көндүм” порталына жайгашкан “Салттуу маданият: түшүнүктү аныктоого карата” деп аталган профессор А. В. Костинанын илимий макаласында жогоруда биз белгилеген жагдай мындай мүнөздөлөт: “Эта культура (салттуу маданият - авторлор) непосредственно связана с традицией, характеризующей такие самоорганизующиеся и саморегулирующиеся системы человеческой деятельности и связанный с ними социокультурный опыт, функционирование и развитие которых не связано с институциональными формами обеспечения через специальный аппарат власти”. Ошентип, салттуу маданият түпкү маңызында “транцентенттиклогикалык” эмес, “транценденттик-антропологиялык” концепция менен анализдөөгө көбүрөөк ылайык келе турган кубулуш.

Метафизика («метафизика» (*μετὰ τὰ φυσικά* – физикадан кийинкиси, соңкусу – “то, что после физики” мазмундук параметрелери боюнча белгилүү деңгээлде “философия” түшүнүгүнүн семантикалаш синоними, болум-болумуштун фундматенталдык негиздерин абстракциялоого багытталган параклассикалык дүйнөтүшүнүк. Метафизика (макалада сөз болуп жаткан бул түшүнүктү маанилеш аталыштагы ыкма-метод менен чаташтырбаш керек) “болум - эмне”, “форма жана материя - эмне”, “идея - эмне” (что есть – бытие, что есть форма и материя, что есть идея) же ушул эле түшүнүм-айкалыштардын дизъюнкциясы – табият-коом-рухтун онтологиялык биримдиги болгон дүйнөтүзүлүштүн себеби (негизи) эмнеде; эмне эмненин негизин түзөт – форма материянынбы же материя форманынбы; себеп-натыйжалык байланыштын биримдиги болгон “нерсенин” пайдубалы эмнеде - идеядабы же материядабы деген сымал фундаменталдуу суроо-жооп парадигмаларды камтыган илимий түшүнүк. Философиянын стенфорддук энциклопедиясында метафизика так-табийгый илимдерден айрымаланган илимий алкак катары мүнөздөлөт: “более широкое применение слова "метафизика" было связано с тем фактом, что слово "физика" стало названием для новой, количественной науки, науки, которая носит это имя сегодня, и становилось все более неприменимым к исследованию многих традиционных философских проблем об изменении вещей”. Демек, метафизика белгилүү деңгээлде дүйнөтүзүлүштүн логикалык реконсрукциясы болгон теориялык аң-сезимди аңдап-жалпылай турган илимий тармак. Ал эми салттуу маданияттын метафизикасы – бул салттуу коомго негизделген социомаданий тармактын теориялык пайдубалы.

Салттуу маданияттын метафизикасы – бул белгилүү деңгээлде философиялык рефлексия болуп эсептелет. Философиялык рефлексияны – бул ойжүгүртүү жөнүндөгү ойжүгүртүү, ойдун өзүнө багытталган интенциясы же Гегельдин абстрактуу илимий аппаратына таянып, түшүнүккө негизделген эс-акыл деп мүнөздөсө болот. Философиялык деңгээлдеги рефлексия бул маңыздын кубулушу: маңыз кубулат да философиялык формага ээ болот; Гегелдин сөзү менен: “сущность... выступает как видимость внутри самой себя, иначе говоря (она - авторы) есть рефлексия “. Философиялык рефлексия аркылуу практикалык эсакылдын чындыгы (белгилүү деңгээлдеги эмпирикалык кубулуштар) теориялык аңсезимдин фактысына (түшүнүгүнө) айланат же эмпирикалык билим философиялык мазмунга ээ болот. Демек, салттуу маданияттын философиялык рефлексиясы дегенибиз – бул эмпирикалык мүнөздөгү салт аркылуу аныкталган протофилософиялык маданияттын философиялык тастыктамасы.



Салттуу маданияттын метафизикасын адекваттуу аңдапмүнөздөш үчүн мифтик аңсезимдин табиятын учкай да болсо экспликациялоо зарыл, анткени миф “философема” катары салттуу маданияттын дүйнөкараштык “мифологемасы” болуп эсептелет.

Мифология - түпкү маңызы алгачкы общиналык синкретизм («первобытный синкретизм») деп аталган өзүнчө өзгөчөлүккө ээ дүйнөкараштын формасы. Анткени, анын табиятына куюлма биримдик, ажырагыс биримдик (слитность); рудименттин, башталма билимдин, эмоция менен эрк-кыймылдын бөлүнбөс бүтүндүгү мүнөздүү.

Дээрлик бардык мифологиянын классиктери англиялык Э. Тейлор, Дж. Фрезер, Б. Малиновский; франциялык: Э. Дюркгейм, Л. Леви-Брюль; германиялык В. Вундт, Э. Касспер ж. б. алгачкы аң-сезимге эгедер болгон адамдар объект-субъекти, жаратылыш-адамды, реалдык менен идеалдыкты, көрүнүш менен иллюзияны, буюм менен образды (форманы), маңыз менен кубулушту, себеп-окшоштукту (аналогия), космос менен коомду, өлүм менен өмүрдү, чексиздик менен чектүүлүктү ажыратпай түгөйлөш, барабар (тождественный) нерсе катары баамдап туя билишкен.

Мифтик «ойломдо» позитивдүү, илимий көрүнүш менен кыялданган фантастикалык элестер өз ара куюлушуп кеткен, ушуну менен анын антропоморфтук, символисттик, ошондой эле изоморфтук табияты түшүндүрүлөт.

Ошентип, мифология жана баштапкы рудименттер философиянын түп булактарынын бири, андыктан биз иликтөөгө алган феномен-түшүнүктөрдүн: «дүйнөтүзүлүш», «зарылдык» жана «кокустуктун» генезиси барып-келип мифтер жана байыркы, баштапкы билим формалары менен байланыштуу.

Философиянын түп калыбын, калыптамасын эки булак: миф менен сциентизм. Маркс, Энгельс белгилегендей, «на низкой ступени варварства, начали развиваться высшие свойства человека...» адам баласынын эң жогорку жан касиети табияттан бөлүнгөн коомдук макулук кезинде же жапайылыктын эң төмөнкү баскычында түптөлө баштаган.

Эң байыркы мифтер үзүндүүзүндү, кыска келип, жөнөкөй, аларда сюжеттик маани-багыт (линия) чектелген, окуялардын байланышы чийки. Турмуш-мезгил өрүш тартып, доор алкагы кеңейген сайын заманга жараша алгачкы мифтердин өксүк-кемтиктери толукталып (албетте коом баскычына жараша), мурда акырын. Жайбаракат, өз-өзүнчө жашап келген мифтик окуялар бири-бирине кошулуп кошмок тартып, кеңейтилген, тереңдеген, масштабдуу мифтердин ички катмарына айланды, урпактар үчүн мажес көрүнгөн жерлери «толукталды». Ар кыл миф сюжеттери өтмө-катар чырмалышып, бир бүтүндүктү түзүшүп, андагы катмарлар өз ара координацияланып, субардинацияланып, аалам-адам алакасы жөнүндөгү чыгармага айланды.

Мифий “эс-акыл”, “аң-сезим” өзүнүн маңыз-мазмуну боюнча иррационалдуулук менен рационалдуулуктун, фантастика менен чындыктын, дин менен философиянын ажырымдалбаган биримдигин түзүп турса да, жаратылыш-табиятка, айлана-чөйрө-ааламга, болмушка баёо туюм менен мамиле жасап, сезме-предметтүү (чувственно-предметный) келсе да, өз убагында Гегель адилет белгилегендей, азыркыга чейин «кеменгерлигин», акылгөйлүгүн жоготпогон, абстрактуулук менен конкреттүүлүктүн алака-ширөөсүнөн бүткөн тааным теориясына жанаша кыналып, өзгөчө логикалык функцияны аркалаган «философемалык» мүнөзгө ээ.

Миф тааным процесси менен жалгашаары талашсыз, ал коомдук өнүгүштүн алгачкы көрүнүшү катары субъект-объектин, предмет-белгинин, нерсе-сөздүн, жалкылык-жалпылыктын барабарлыгын, айырма-окшоштугун, өтмөкатар табиятын элес албаган гносеологиянын сезме-эмоционалдык (чувственно-эмоциональный) баскычы менен байланыштуу. Айрым алынган сөз элес (представление) өзү көрүп-билип турган нерсе менен кебетелештирилип (тождество), образдуу-предметтүү ой жүгүртүү үстөмдүк кылат. Байыркылардын пикиринде, сөз предметтин сөзсүз болушун шарттап турат (сөз бар болсо ал туюндурган, атаган нерсе да болуш керек). Бул өзгөчөлүктөр ошол мезгилдеги конкреттүү-тарыхый доордун спецификасы менен шартталган. Алгачкы жамааттык (общиналык) коом учурунда байыркы коллектив өзүн, аны курчап турган табигый жаратылыштан ажыратпайт, ошондой эле индивид да өзүн алгачкы жамааттан (общинадан) бөлбөйт. Байыркы адамдар өз кебете-кешпирин, жашоо манера-образын, ишмердүүлүгүн, био-социалдык канондорун сырткы дүйнөгө жалгаштырып, антропологизациялоо аркылуу курчап турган чөйрөнү түшүнүүгө далалаттанышкан. Демек, мифтерде объективдүү акыйкаттын элементи болгондугу талашсыз. Мифий аң-сезим үчүн мифтик баян, ал акыйкаттын элементин гана камтып турганына карабастан чындык болуп келген. Мифий элес-туюм жогоруда белгиленген табиятынан келип чыгып, сезим чектелип конкреттүү (чувственно-конкретный), көрсөтмөлүү келип, абстрактуу-теориялык денгээлге көтөрүлө алган эмес. Ошентсе да мифчилер сырт дүйнөнү кандай болсо дал ошондой предметтүү кабылдап, баяндаган сюжет-окуялары стихиялык-материалисттик обьективдештирилген көз караштардын элементтери: адам менен жаратылыштын биримдиги же баёо-монисттик элес, ошондой эле предметтердин кыймылын, карама-каршылыгын туюндурган баёо диалектиканын айрым концепт-моменттери бар.

*(Уландысы 14-бетте)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№7 (305)
30 07 2024
kyrgyztili@mail.ru

# «Манас» эпосундагы элдик түшүнүктөр жана алардын кыргыз турмушунан алган орду



**Бакыт БАЙМЫРЗАЕВ,**
**Жусуп Баласагын атындагы КУУнун доценти**

**Аннотация:** Макала «Манас» эпосунда орун алган айрым элдик түшүнүктөр, расмий жөрөлгөлөргө арналган. Мында атактуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевдердин варианттарынан орун алган нике, үй-бүлө маселелерине байланыштуу кээ бир элдик жөрөлгөлөр жөнүндө сөз болот. Макалада байыркы баатырдык эпостогу мораддык-нравалык маселелерге учкай мүнөздө орун берилди.

**Түйүндүү сөздөр:** Нике, үй-бүлө, салт, жөрөлгө, ишеним, эпос, вариант, манасчы.

**1. Киришүү.**

«Манас» эпосу - кыргыз элинин кылымдарды карытып, эчен-эчен муундарды, тарыхый доорлорду өз элегинен өткөрө келген көркөм адабий мурасыбыз. Эпос-«кыргыз элинин энциклопедиялык жыйнагы» [1.1968,38] катары каралуу менен биздин өткөн тарыхыбыз, дүйнө тааным түшүнүгүбүз, үрп-адат, салтыбыз, улуттук философиябыз менен улуу маданиятыбыз жана чалкыган чексиз мухиттей болгон эзелки элдик көркөм чыгармабыз катары баалануучу таберигибиз. Ушундай болгон соң , бул ата мурасыбызга болгон мамиле да өткөн XIX кылымдын орто ченинен башталып, кийинки доорлордо активдешкени, орус илимий коомчулугу менен катар башка боордош элдердин өкүлдөрү болушкан белгилүү окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бурган доор кечээки революциядан кийинки совет мезгилине туура келди. Ошондон бери карай дүйнөдө көлөмү жагынан теңдеши жок деп таанылган бул рухий кенчибиз аздыр-көптүр изилденип, маанилүү эмгектер жарык көрдү. Ошондой болсо да, өткөн кылымдын 90-жылдарынын орто ченинде болгон бул байыркы эпосубуздун 1000 жылдык маарекесинде билинип, ачык болгондой, түрдүү багыттагы илимий изилдөөлөр менен катар дагы да болсо кыргыз эпосунун ички табияты бүгүнкү көз караш, турмуш менен байланышта жеткилең каралбай, дагы эле баягы мындан 25-30 жыл мурунку айтылган ой-пикирлерге, илимий тыянактарга таянып, ошолордун айланасында ой жоруп келебиз. Ал эми бүгүнкү күндө улуттук жаңылануу, тазалануу процесси бизден алда канча маанилүү жана жогорку жоопкерчиликти талап кылып турганын эске ала турган болсок, анда бул маселелер жөн эле айтып коюу менен чектелбөөчү чекке жетип калганын ар бир кыргыз жараны сезүүгө тийиш. Азыркы ааламдашуу жана компютердик технологиянын күн санап өрүш алып бараткан доорунда кайсыл эл же улут болбосун, өзүнүн оозеки чыгармачылыгы менен улуттук баалуулуктарына назар салып, анын учурдагы абалы менен эртеңки келечегине кам көрөт деп айтуу кыйынга турган кез. Ошондой болсо да, өз улутубуздун жүзүн, өткөн тарыхын, байыркы баштапышы менен азыркы учубузга урунуп турган маданий-рухий дөөлөттөрүбүздүн идеялык-эстетикалык негиздерин, философия жана педагогика маселелери, өткөн дүйнө таанымы жана улуттук менталитетине байланышкан жагдайлар саясий-социалдык аспектиден улам каралуучу түшүнүктөр көңүлдү өзүнө бурары табигый көрүнүш. Айтылуу "Манас" эпосу башында турган кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын алдыда чечилүүчү илимий милдеттери жана маанилүү жагдайлары жөнүндө учурунда улуу окумуштуу, академик В.В.Радлов баса белгилеп көрсөтүп кеткен маселелер[2. 1968, 14-37] азыркы күндө да толук ишке ашты деп айтууга али эрте. Ушул багытта учурдан пайдаланып айрым ойлорду ортого сала кетүүнү эп көрүп олтурабыз.

2.Изилдөөнүн максат, милдеттери жана негизги ыкмалары жөнүндө. Албетте, сөз кыргыз элинин "Манас" эпосундагы улуттук ой-жорумдарынын элдик педагогика, байыркы жана диний ишенимдери жана алардын кыргыз көчмөн турмушу, үрп-адат, салт-санаасы менен болгон карым-катыш маселелери жөнүндө болмокчу. Ырас, бул чакан, тезис түрүндөгү материал аркылуу аталган жагдай жөнүндө кеңири ой бөлүшүүгө мүмкүн болбос. Ошондой жагдайга карабастан алардын айрым орчундуу учурларына, элдик түшүнүктөргө айланып калган жагдайларына токтоло кетүү зарылчылыгы турат. Алгач эпос жөнүндө, анын ички керемет күчү тууралуу залкар жазуучубуз, академик Ч.Т-.Айтматов: "Манас" эпосу сөз өнөрүнүн эң бийик, эң таза үлгүлөрүнө жатарын айтпай коё албайм. Маселе бул жерде таамай, так айтылган салыштыруу, эпитетте гана эмес. Көп кылымдар бою өз ичине камтыган көп катмарлуу эпостук мазмуунга, адам турмушунун ар түрдүү жактарын, социалдык-турмуш, сүйүү, лирикалык, мораддык-этикалык маселелерин, байыркы кыргыздардын географиялык, астрономиялык, философиялык түшүнүктөрүн бүтүндөй камтыган эпостук мазмуунга, бир учу жомоктон, мифтен, фантастикадан башталып, бир учу реализмге (фольклордук маанидеги) келип жеткен көркөм формалын бипбирдей жанаша өсүп, бир бүтүн гармония түзгөнүндө"[3.1995,14-23] -деп , берген таамай аныктамасына таянуу менен эпостогу элдик түшүнүктөр негизинен үч багытта көзгө көрүнөрүн эске салмакчыбыз.

Биринчи багыт, жогоруда залкар жазуучубуз тарабынан белгиленгендей, байыркы доорлордогу элибиздин мифологиялык көз карашы, түшүнүктөрү болсо, экинчи багыт социалдык-турмуштук жана моралдык-этикалык маселелерди өз ичине алган нравалуулук менен байланышкан элдик түшүнүктөр, үчүнчү багыт же чоң багыт, байыркы кыргыздардын географиялык, астрономиялык, философиялык түшүнүктөрүн өз ичине камтыйт. Биринчи катмар боюнча сөз болгондо байыркы доорлордогу элдин мифологиялык көз караштары, дүйнө түшүнүгү жөнүндөгү жагдайлар эске алынат. Мында анамизм, фетишизм, тотемизм, шаманизм өңдүү форма-элементтердин эпосто турмуш-шарт, кырдаалдарга байланыштуу каралпарын эпостон кеңири кезиктиребиз. Бул жөнүндө учкай болсо да кийинки жарыяланган материалдардан адабиятчы, профессор, маркум К.Байжигитовдун[4,1995,92,205-207],-философ, профессор Ш.Акмолдоеванын ой-пикирлерине [5,1994,23] таянуу менен өзүбүздүн максатка ылайык ошол көз караштарды андан ары улантаалы. Эпосто карып калган ата-эненин бала үчүн болгон тилеги, "касиеттүү" түштөр, баланын укмуштуудай төрөлүшү, ат коюу жөрөлгөлөрү, анын адаттан тыш тентек чыгышы, койчулукка берүү ж.б. жалпы мүнөздөгү эпикалык түшүнүктөр көпчүлүк варианттарда кеңири учурайт. Элдик эпостун ички табиятына ылайык бул түшүнүктөр алда канча апыртуулар, диний байыркы ишенимдер[6,1995,345-346] чогулуп келип эле негизинен чыгарманын идеясына, жалпы элдик үмүт-тилекке, келечек умтулууларына байланыштуу берилгендигин байкоо кыйынчылык жаратпайт. Эпостогу негизги идея жөнүндө академик Ч.Т.Айтматов: "Адамзаттын жаралышынан бери ага канат байлап, күч берип, дем берип келген өлбөс , карыбас, эркиндик, көз караңды эместик идеясы"[3.1995,16] экендигин белгилейт. Элдик чыгармада бул идея төмөндөн жогору карай, жөнөкөйдөн татаала дегидей принципте жашайт. Болбосо, Жакып менен Чыйырдынын баласыз жүрүп, өмүрүнүн аякы этабында гана барып наристе тилеп, анын кереметтүү күчтөр менен коштолуп жарык дүйнөгө келиши, бул эпосто жөн гана баласыз болуп куу баш аталган кеде байлыгы батпай, ошонун азабынан мураскер болуучу бир баланы тилеген бир кемпир-чалдын гана тилегин орундатуу деп түшүнбөстөн, жалпы кыргыз элинин кыйын абалда турган мезгилинде анын бардык ысык-суугун , келечек тагдырын колго алуучу элдик баатырдын келишинен кабар берген маанилүү окуя катары каралоо мийзам ченемдүү көрүнүш. Анткени, ошол эле анимистик түшүнүктөр менен шамандык түшүнүктөр катар келип төрөлгөн баланын башкача жан экендигин, келечекте баатыр болорун апыртып сүрөттөө элдик эпоско таандык мүнөздүү көрүнүш катары караган күндө да ушул жерден адаттан тышкары бир көз карашты бөлүп көрсөтөк. Бул жөн гана чоң баатырдын, адам алпынын жарык дүйнөгө келиши жөнүндө гана кам көрүү деп түшүнбөй, андан ары тереңдей жүрүп олтурсак индивид, инсан, коом деген түшүнүктөргө барып такалабыз. Мунун баары ошол мезгилге таандык элдик түшүнүктөр менен берилет:

*Долоно саптуу айбалта*
*Муну толгонтуп ийбей ким аштайт?*
*Бу тозуп жүргөн көп журтту,*
*Томсортпой муну ким баштайт?*
*Кара жаак айбалта,*
*Муну кайкалатпай ким аштайт?*
*Камоодо жүргөн калың журт,*
*Муну кара кылбай ким баштайт?* [7, 1984, 78]

Мына бул саптар аркылуу элдин эртеңи, эркиндик, көз караңды болбостугу идеясы менен катар ушундай кырдаал шартка жарамдуу баатыр же инсанды тарбиялоо аракети да эпосто орун алгандай. Баланын (Манастын) өтө эле тентек болушу, өзү теңдүү балдар менен жолдош болуп, алар менен чогуу-чаран жүрүп, жалпы элге таандык кылык-жоруктарды, иш-аракеттерди баштан кечириши аны катардагы адам (индивид), өспүрүм катары көрсөтсө, ал эми андан кийинки тарыхый окуялар (кыргыздардын калмактар менен алгачкы кармашуусу, жүргүзгөн күрөштөрү, Алтайдагы элдин башын бириктирип, Ала Тоого көчүшү, Тянь-Шань жана Фергана өрөөндөрүндөгү душмандар менен болгон согуштар, Манастын жалпы кыргыз элине хан көтөрүлүшү ж.б.у.с.) анан инсандык жүзүн ачууга мүмкүнчүлүк берген турмуш-жагдайлар деп кароого болор беле? Ошол эле учурда жаш өспүрүм баланы чөйрө менен аралаштырып, аны турмушка үйрөтүп, башы бышсын деп Ошпурга койчулукка берилиши да кайсы бир деңгээлде жогорку көз карашты ырастоочу негиз берет[8,1992,74] Мында элибиз "Баланын туулганына сүйүнбөй, турарына сүйүн" деген макал-принципке бекер жеринен келбегендигин сезебиз. Мындан Мекенди, элди сүйүү, душмандардан коргоо идеялары эпостун негизги өзөгү катары окурмандарга тарбиялык сабак берип турат.

Андан кийинки маселе үй-бүлө, сүйүү, нике маселелери жөнүндө сөз учүгүн улоочу болсок, анда да элибиздин байыркы түшүнүктөрү менен берилген таалим-тарбия[9,1995,II,364-365], Адамга болгон бийик мамиле байкалат. Адатта баатырдык эпостордо негизги каарман өзүнө жар тандоодо анын элин же өзүн, кээде атасын, агасын согуштук күч менен өзүнө багындырып, анан барып аны аялдыкка алат. Эпостогу аялдардын образы өзүнүн арууулугу, акылдуулугу, сулуулугу, кайраттуулугу менен өзүнчө эле бир азем галереяны түзөрү бышык. "Эпостун бийик гуманизми, ыймандык сабагы андагы таасын тартылган аялдын сонун образынан эле сезилет... Аял анчейин ишмер, колунан көөрү төгүлгөн уз гана эмес, эң оболу ал өзүнчө сын көз караш-ка ээ болгон индивид, инсан, ошону менен бирге ал жоокердин теңтайлаш шериги, акылман кеңешчиси, баатырдыгынан да кем калбаган жан жолдошу" [3.1995, 17] экендигин эске алсак, анда эпос жөнүндө эмнелерди айтууга болот? Байыркы доордогу жар тандоо, аял алуу салты жөнүндө, ал кандай мүнөздө экендигин биз өз сөзүбүздө жогоруда айттык. Ушул аспектиден "Манас" эпосундагы айрым жагдайларга кайрыла турган болсок, анда буларды белгилейбиз: Манастын алган аялдары эпосто үчөө деп берилет. Алар: Караборк, Акылай, Каныкей. Караборктү кадимки эпостук мотивде б.а. жоокердик беттешүү менен багындырат да өзүнө аялдыкка алат. Шоорук кандын Акылайын болсо, атасын чаап, кызын олжолойт. Бирок, мында кырдаал башкача фондо көрүнөт. Тактап айтканда, атасы Шооруктун элин чаап, баарын тукум курут кылуу коркунучу туулган мезгилде Акылай өзү ортого түшүп, Манасты өзүнө ылайыктуу жар деп тандайт.

*Манасты башта көргөндөй,*
*Барып-келип көнгөндөй*
*Баатырдын барды кашына-*

деп, баяндалган саптар эпостогу үй-бүлө, нике маселелерине байланыштуу айтылат. Мында "Шоорук кан кызы Акылай, шоодураган капыр ай" деп, жалпы элдин антипатиясына (ал канчалык сулуу, чүрөк болсо да-Б.Б.) ээ болгон Акылай сулуу жогоруда баяндалгандай мурун эч бир жерде көрбөгөн бейтааныш адам Манасты сүзө качырып, "болгон бизге керим деп, болсун Манас эрим" деп элден мурун бөлүнүп чыккан сулуунун аты-жөнү ылакапка айланып, ар дайым мыскыл менен айтылышы да бекеринен эмес. Жалпы аял менен эркектин ортосундагы сый-урмат, ыйба кылуу, аялдык назиктик, уяңдык биздин түшүнүк менен айткан-да элдик этика Акылай сулууда жетишпейт. Ушундай жан-дүйнөсү жарды аялга Манас өңдүү элдик адам кантип туш болду? Балким, бул өткөн доорлордогу энелик коомдун өзгөчө белгиси чыгаар?... Андай болгон күндө ал: Короздой моюн, аппак эт,

*Койкоңдогон кара бет.*
*Карагат көз, кардай эт*
*Кайкаңдаган кара бет-* деп,

эч убакта аны "кара бет" деп тике айтмак эмес. Мында ал аялдардын сырткы сулуулугу менен ички жан- дүйнө сулуулугу, уят-сыйыты дал келбей калгандыгы үчүн жалпы сынга алынат. Анын мындай адаттан тышкары жорук-жосуну тарбиялык планда ылакапка айланып, ашкереленет. Ал эми Темиркандын Каныкейи айкөл Манастын куда түшүп, никелеп алган өмүрлүк жары. Караборк менен Акылайдан берки өткөн мезгил же доор аралык ушул Каныкейдин Манаска баш кошуусуна чейинки мезгил менен өлчөнөт. Башкача айтканда, мурунку салттуу (баатырдык менен жар тандоо-Б.Б.) турмуш куруута караганда мында бир топ мезгилдердин өткөндүгүн, ислам дининин таасири[10,1995,245] адамдардын аң-сезиминин алдыга жылгандыгын байкоого болот. Албетте, оозеки түрдө жашап келген элдик эпостун мындай ички сапаты өзгөрүүлөргө ээ болушу аны кийинки доорлордо элге жеткирип, алда канча сапаттык деңгээлин бийик көтөрүп айтышкан таланттуу манасчыларга да байланыштуу деп кароо туура болмокчу. Ошону менен катар Каныкей эпосто Манастын кеңешчи-акылчысы, жан шериги катары көрүнүү менен "Аял жакшы-эр жакшы" деген макалдын жаралышы жөн жеринен эместигин, Манасты "Манас" кылган Каныкей экендигин ачык сезип-туйбыз, ишенебиз. Мындай артыкчылык сапаттарга Каныкей энебиз өзүнүн көрөгөчтүгү, даанышмандыгы менен эле ээ болбостон, кадимки эле коломто ээси, үйдүн куту болгон энелик мээрими, терең сүйүүсү, тунук акылы менен да жетиштү деп айтууга болот. Мындан кыргыз кыз-келиндери көп тарбия алууга акылуу. Ошондой эле эпостогу аялга болгон мамиленин экинчи жагы, аялды энелик доордун өкүлү катары караган көз караш, ишеним да орун алган.

*(Уландысы 12-бетте)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№7 (305)

30 07 2024

kyrgyztili@mail.ru

# “Эр Төштүк”: герменевтикалык серепп



**Жамгырбек БӨКӨШОВ,**
**Профессор (КТМУ)**

Бу дүйнөдөгүнүн баары, бары-жогу, болгон-болбогону, болум-болбосу тил аркылуу аныкталат, сөз аркылуу өзүн көргөзөт, айкынбы- бүдөмүкпү кепке айланат. Кыргыз “Атын атаса, куту сүйүнөт” деп коёт. Ар нерсенин аты бар. Аты аталса, ал нерсе катарга кошулат, назарга түшөт, көңүл бурушка татыктуу экени көрүнөт, кеп кылууга арзыган нерселердин арасында өз ордун табат. Ар нерсенин куту бар: анын нарк-насили, уютку-негизи, ошол нерсени ошол нерсе кылып турган маңыз. Бул Кудайдан дешибиз мүмкүн, бул Табияттан дешибиз мүмкүн. Улуу ойчул Мартин Хайдеггер бул төрттүктүн- Кудай жана Адам, Дүйнө (Асман) жана Жер- ушулардын тогошкон, аштаашкан жеринде аныкталат дейт. Айтор, аты аталса, ал нерсенин “куту” ачыкка чыгат, өз шаанисине жетет. Ушул өңүттө кыргыз акыл-эси жараткан бир чыгармага учкай кайрылмакпыз. Аты аталып калган соң Хайдеггердин дагы бир оюна кулак төшөсөк, маселенин маанисин дагы тереңирээк түшүнөбүз деп болжойм. Ал өз тарыхына ээ, жалпы тарыхта өз ордун тапкан эл ( “тарыхый эл”) өз Дүйнөсүн жана өз Жерин жаратат деп ырастаган.

“Эр Төштүк” эпосу кыргыз элинин эпикалык бай мурасын жарыштыра- салыштыра баалап- баамдасак, метафизикалык маани- мазмунга абдан канык чыгарма. Кара сөз жана поэзия түрүндө эл арасында кеңири жайылганы да бекеринен эмес. Уккан элдин көңүлүн ачып, көөнүн шат кылган кызыктуу сюжет, табышмак окуя, сырлуу баян гана эмес, эпостун тулку боюна адам баласы жашап жаткан дүйнөнүн түзүлүшү, өнүп- өзгөрүш мыйзамы, бу дүйнөдө адамдын колунан эмне келет, эмнеге күчү жетет, ал- акыбалы кандай дегендей түпкү маселелер тууралыгындагы ой толгоолордун жыйынтыгы, майнабы да сиңирилген. Албетте, булар өзгөчө образдар, символдор, белги- жышаандар аркылуу туюнтулган. Албетте, буларды белгилүү бир семиотикалык- герменевтикалык ык- жолдор менен, белгилүү бир теориялык- методологиялык ачкычтардын жардамы аркасында жандырып, чечмелеп түшүнүш талап этилет Анын үстүнө Төштүктүн “Манас” эпосунун сюжетинде катышканы да бул образдын кыргыз рух салтында өзгөчө маани- мазмуну бар экенин айгинелейт. Кыргыз элинин эпикалык ой- эсине “Төштүк баяны” бекем орногону анын көркөм- эстетикалык касиеттерине гана эмес, рухий байлыгына, интеллектуалдык кубатына, символикалык кеңдигине да байланышкан. Тилекке каршы, профессор Сулайман Кайыповдун бул эпостун ажатын ачкан мыкты эмгеги окурмандардын калың катмарына жетпей калып жатат, өз баасын ала элек.

Биз “Эр Төштүк” эпосунун мазмунун түзгөн окуялардын ичинен бир тилкени гана алып, анын метафизикалык маңызын аныкташка аракет кылабыз. Бул төрт Маамыттын образы. Бирок, анын алдында бир маселеге атайлап токтолбосок, төрт Маамыт жөнүндөгү кептин да куну түшөт. Бул биздин каармандын аты, ысымы тууралыгындагы маселе. Элемандын тогуз уулу болгон. (Тогуз- дүйнөлүк салттуу маданиятта, анын арасында кыргыздарда да магиялык, сырлуу сандардын катарына киреерин эске салсак ашык болбойт).Төштүк- тогузунчусу. Бул катардын аягы, аны бүткөрүп, бүтүндөп турган элемент. “Отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн”- бул ар дайым Төштүктүн образына тиешелүү поэтикалык формула. Кыргыз эпикасында башка каармандарга карата бул мүнөздөмө колдонулбайт. Биз демейде муну коош сөз, жомок шааниси эсептеп, көмүскө маанисин көрбөйбүз, угумун кулактын сыртынан кетиребиз. Бул сыяктуу кеп- сөз тегин жерден айтылбаганы зээнибизге урунбайт. Алдагы поэтикалык- эпикалык сыпаттамада эмне жөнүндө сөз болуп жатат? От жана суу. Алар дүйнөлүк, космологиялык стихияларга кирет- муну баарыбыз жакшы билебиз. “Отко салса күйбөгөнү”- эмне, Төштүктүн дене- бою күйбөс заттан жаралганбы же ал отко күйбөс кийим кийип алганбы? Албетте, кеп физика эмес, метафизика тарабында бара жатканын эстен чыгарбашыбыз зарыл. “Отко салса күйбөгөнү” физикалык касиет же “жомокто боло берет” менен түшүндүрүлбөйт. Төштүк кадики эле биздей пенде эмес. Ал- “оттун өз кишиси”, от менен стихиясы бир. Ошон үчүн күйбөйт. “Сууга чөкпөгөнү” деле ошондой. Чаначтай жеңил же сууга чөкпөс кийим кийип алганынан эмес, Төштүк суунун да “өз кишиси”, суу да анын стихиясы, суу менен да тектеш. Эми бу жерде эгер классикалык көзкараштан тутунсак, дагы кайсы стихия мени да эстеп койгула деп сураныш турат? Албетте- жер. Төштүк- Жердин баласы. “Төшү түктүү жер” дейт кыргыз. Тоонун, дөңдүн жайык капталын кыргызча “төш” дейт. Чыңгыз Айтматовдун “Кылымдан узак күн болот” романындагы фантастикалык сюжетте өз цивилизациясына эгедер башка планета жөнүндө жазылат. Ал планетанын аты- Токойтөш. “Жер”, “жер төшү” ошентип эпикалык аң- сезимден бүгүнкү бийик көркөм кыялга чейин жаңырыктап турат. Ай- ааламдын кайсы танабына жетпейли, адам баласы “жерден” айрыла албайбыз. Жер- Эне өзүнө тартып турат. Адам баласы “булуттуу көктүн астында, буралган чөптүн үстүндө” өмүр өтөйт. Төш+ түк. Аны “Жердин баласы” деп жатканыбыздын жүйөөсүн дагы бекемдейли. Төштүктүн жарынын ысымы кандай? Айсалкын. “Ай” . Жер астында кайсы кызга жолугат? Күлайым. Кайрадан “ай” . Демек, Жер жана Ай. Экөө- бет маңдай, экөө- бир. Ай Жерди айланат. “Ай салкыны” Жерге тиет. Арийне, биз азыркы астрономиялык, геофизикалык билимдерди, биздин планета менен анын жандоочусунун (спутниги) ортосундагы климаттык ж.б. байланыш тууралыгында каңкуулап жатканыбыз жок. Болгону аталган эпикалык ысымдардын боюнда кайсы бир сырлуу маани- мазмун сыйып турганын, “Төштүк” менен “Айсалкын” кыргыз элинин кайсы бир салттуу ой- түшүнүгүн туюндуруп турганын белгилеп отурабыз. “Жерге кир”- каргыш, “жер алдында” деген туюнтма кыргызда көбүнчө өлүккө карата айтылат. Бирок, Төштүктүн жөнү башка. Ал- Жердин уулу. Ошон үчүн ал жер алдына түшүп кетип, өзүнчө бир дүйнөгө кез келип, эрдигин көргөзөт, канча окуяларды башынан кечирет. Эпостун сюжетин түзгөн окуялар негизинен жер астында өтөт эмеспи. Эгер семиотикалык иликтөө жүргүзсөк, анда жер астындагы дүйнө жер үстүндөгү дүйнөнүн күзгү артындагы тескери чагылышы экенин тапмакпыз деп болжойм. Эстесеңиздер, Төштүктү жер алдына киргизген кемпир жети күн жер үстүндө, жети күн жер астында жашайт. Мында да катылган сыр бар экенинде шек жок... Төрт стихиянын бирөө- аба (жел, шамал) калды. Эгер Төштүк табият жараткан, табиятка тектеш, ага тете жан болсо, анда анын образында, кейип- келбетинде “абанын” да орду болушу зарыл. Айткандай эле муну да табабыз. Эгер жогоруда айтылгандарды тегеректеп бир сөз менен айтсак, Төштүктүн образы- бул өлбөстүктүн символу, табият менен адамдын бирлигин ырастаган идея. Албетте, Төштүк ысымынан улам эске алчу дагы бир сөз- “төш”: көкүрөк, көңүл, ой-кыял, сарсанаа деген маанисинде. Муну да негиздеп-талдап чыгыш орчундуу иш.



Эми Маамыттарга өтөлү. Алар тууралуу эпостун бардык варианттарында айтылат, кээде саны өзгөрүп, үч Маамыт же беш Маамыт болуп калат. Көпчүлүгүндө төрт Маамыт: күлүк Маамыт, жер тыңшаар Маамыт, куюн Маамыт жана көрөгөч Маамыт. Демейде алар эпикалык образ, жомоктогу кейипкер катары, бери болгондо, элдин учкул кыялы жараткан кызыктуу, укмуштуу каармандардын элеси кыязында гана кабыл алынып, көркөм кыялдын туундусу шекилинде гана баалынып келет. Менимче, бул кыргыз эпикалык аң- сезиминин үстүрт катмары. Эгер тереңдете ой калчасак, анда бул образдардын символдук ( сырбелги), метафизикалык мазмунун ачабыз. Күлүк Маамыт- адам баласынын кара күчүн, табият берген алын, шамдагайлыгын, чапчаңдыгын чулу туюндурган символ. Тыңшаар Маамыт- угумдун, үн- дабыш туюунун символу, кулактын атасы же кулактын кулагы. Куюн Маамыт- бул адамдын акыл- эси, ой- кыялы. Ал эми көрөгөч Маамыт- көздүн, көрөгөчтүктүн символу. Төрт Маамытты мындай баалап- түшүнүш тамыры жок фантазия, кыялдын же эпосту обу жок мактоону көздөгөн ниеттин жемиши эмес. Муну эпостун өзү ( Саякбай Каралаевдин вариантында) тастыктайт деген ишенимдемин.

Күлүк Маамыт.
Билсең мындай баркым бар,
Жүгүргөн, учкан жандарды,
Куткарбай турган наркым бар.
Желгениме жел жетпейт,
Басканыма мал жетпейт.
Куланды куусам куткарбайм,
Жээренди куусам жеткирбейм.

Демек, биринчи Маамыт – күлүк. Төрт аяктуу айбанат да, эки канаттуу куш да андан кутула албайт. Атүгүл, жел (шамал, куюн) ага жете албайт. Тескерисинче, ал баарына жетет, баарын тутат. Күлүктүк- жалпы эле дене күчүнүн көрүнүшү. Жылкынын мыктысы- күлүк, мындай касиет анын төрт аягына гана эмес, жалпы эле дене түзүлүшүнө, ден соолугуна, табына жараша болот. Адам баласында да ушул: күлүктүгү- анын кара күчү, кубаты. Кыргызда “күүлүү- күчтүү” деген сөз бар. Балким, “күлүк” деген сөз “күүлүү” деген тектеш болушу ыктымал. Эмнеси болсо да, биз күлүк Маамыт- бул адам алы- күчүнүн чулу, маңыздуу туюнтулган образы, символу деп болжойбуз.

Жер тыңшаар Маамыт.
Күн чыгыш менен күн батыш,
Эмине кабар угулса,
Азыр айтып беремин.

Бу жерде талаш жок. Тыңшаар Маамыт аты да, заты да айтып тургандай адам баласынын угуу жөндөмүнүн, касиетинин эң бийик чекити, символу.

Куюн Маамыт.
Карыш болгон бою бар,
Ай ааламдын баарысын,
Биле турган ою бар.
Адамдан жеңил, эң эптүү,
Сүйлөп турса бал кептүү...
Менин жайым ушундай,
Акылым эң көп, алым аз.

Албетте, бу Маамыттын эмне үчүн “куюн” аталганы суроо жаратат. Бирок, мүнөздөмөсү боюнча караганда адамдын акыл- оюнун символу тууралуу кеп кылганга акыбыз бар. Бу Маамыт “баарын билет”, “акылы эң көп”. Кошумча мүнөздөмөлөрү да муну бекемдейт: бою карыш, салмагы жеңил, алы аз. Кыргыз Жараткандан “Теректей бой бергиче, теменедей акыл бер” деп тилейт. Эс- акыл кара күчкө, дене күчкө каршы коюлуп, жогору бааланат. Ошондуктан элдик акылмандык “Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат” деп ырастайт. Мындан тышкары бу Маамыт кылса эптүү, сүйлөсө кептүү. Бу да акылдын белгиси: акылдуу адам кылганын ишинин эбин, жолун туура таап, уста жасайт; акылдуу адам орундуу, маанилүү сүйлөйт. Ал эми “куюн” аталганы мындай жүйөө менен түшүндүрүлүшү мүмкүн: кыргыз “баарынан ой күлүк” деп коёт, ой үчүн алыс- жакын аралык кеп эмес, ой дүйнөнүн кайсы чекити болбосун туптүз жетет, ошондой эле ой куюндай күчтүү, куюндай чимирет, куюндай уюлгуйт.

Көрөгөч Маамыт
Көрөгөч Маамыт көзү экен,
Как Маамыттын өзү экен...
Күн чыгыш менен күн батыш,
Тиктеп көрүп жүрүүчү,
Көрөгөчтүн өзү экен.

Кыргыз тилинде “көрөгөч” деген сөз “акылман, көсөм, көрүнгөн нерсенин көрүнбөгөн жагын, арт жагында, тереңинде катылган, жашынган сырын, маңызын көрө алган адам” дегенди туюнтат. Бу жерде “көрөгөч” көздүн көзү, баарын көргөн көз. Демек, биздин оюбузча, көрөгөч Маамыт- адамдын көрүү жөндөмүнүн, касиетинин символу.

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№7 (305)
30 07 2024
kyrgyztili@mail.ru

*Казак акыны Улукбек Есдаулет эскерменин да эң мыкты чебери. Анын «Абилхаят» китеби замандаштарына, өзүнүн атуулдук асыл ойлоруна коюлган эстелик.*

*Улукеңдин улуу касиеттеринин бири - кимди жазса да кандаштын кадырын түшүрбөй, өзүнүн интеллектуалдык жумшак юморуна, улутман мээримине бөлөп жазат. Ошон үчүн окуган адам анын каармандарын көргүсү келет. Бул жагынан Улукең «Илико, Илларион, чоң энем жана мен» деген атактуу чыгарманын автору Нодар Думбадзени эске салып турат.*

**Түгөлбай КАЗАКОВ**



# Казактын атактуу а
# Улукбек Есдаулет 7

## Эскерме баян: Бекер болгон...

Жазуучулар бирлигинде чо-оң ыр кече болуп, казактын Алматыдагы аксакал-карасакал акындарынын баары жабыла ыр окуду. Карт бүркүттөй шаңкылдап Калижан Бекхожин, барчын баркылдак дабышы менен дүйнөнү үйрүп Хамит Ергалиев, күндөй күркүрөп Сырбай Мауленов, добулбастай Гафу Кайырбеков, жаркылдап Жарашкан, кемели келишкен Кеңчилик, «Никарагуалап» Мылтыкбай Еримбетов көзгө түштү.

Тынычбай Рахимов кепсекиге (казакча - минме, трибуна- Т.К.) чыгып, чачты силкип таштап, ырын окуй бергенде залдагы бир келиндин баласы ыйлап кирди. Тынычбай саамга будаланып, микрофонго жөткүрүнүп алып, ырын кайра баштаганда бала дагы бакырды. Тынычбай эми бала басылгыча шашпай күтүп, анан баштай бергенде бала дагы «бар-р» этти.

Залдагылар дуу күлдү. Бирөөсү:

– Атасын таанып турган бала го,-деп элди жана күлдүрдү.

Тынычбай ага карабастан такыр шашпай, Мукагалыны эскерген ырын кемелине келтире окуду. Чымын учурбай тыңшаган эл дуулдата кол чапты. Бала да кайталап ыйлаган жок.

Мен «Бурчка тур!» жана «Почта көгүчкөнү» деген ырларымды окудум. Чыга бергенде Күлаш Ахметова эжей:

– «Бурчка тур!» жаңылыгы бар ыр экен. Аттиң, эл түшүнө бербейт, -деди.

Кече бүтүп, эл тарап жатты. Бир кезде аксакалдар алакасынын төрагасы Алжапар Абышев көзүнүн илгичине ушунча кишиден мени илип алып, бирдеме айткысы келип, эмпендей басып келатканын байкадым да сыртка жыла жөнөдүм. Себеби бул аксакалдан көбүбүз коркот элек.

Алжекең болсо артыман калар эмес. Бир карасам, сөөмөйүнүн учун мага мээлеп, жакындап калган экен. Тигинде бирөө менен сүйлөшүп турган Сырбай Мауленовду көрө калдым да, паана издеген торгойдой ошону көздөй жөнөдүм. Аларга мен да жеттим, Алжакең да жетти. Келип эле:

– Ай, бала, сенин жаңагы окуган ырың эмне?!- деди зилдене.

– Кайсынысын айтасыз? - дедим.

– Алиги апаат алгандар учурган көгүчкөн тууралуусу...

Ал эмне деген ыр өзү? Астары (ичи) жаман! Сен, бала, кандайсың өзү?.. Совет адамдарын апаатка учуратып... Эл аман, журт аман турганда... нени жазып жүрөсүң?! - деп, чукчуя түштү.

Өзү эки ийининен дем алып туру. Мени кубалайм деп энтигип алыптыр.

Оозума сөз келбей, буула түштүм.

– Алжаке, эмне болуп кетти?- деп, Сырбай ага сөзгө аралашты.

– Мобу бала, каргашадай болуп, астары жаман ыр жазыптыр! Жана өзүң да уктуң го? Жаштар ушунтүп башынан бузулат! Азыр ушундай, кийин эмне болот булар? Жөнгө салбайсыңарбы?

Кеп төркүнүн түшүнгөн Сырбай ага:

– Алжеке, мен сизге бир аңгеме айтып берейин, өзүңүз деле уккан чыгарсыз? - деп Алжакеңдин назарын менден өзүнө оодарып кетти.

– И-и, - деп, пакене денеси менен умсунуп, кулагын төшөп, Алжакең жибий түшкөндөй болду. Жаныбызга дагы үч төрт адам үйрүлө калды. Мен бир балээден кутулгандай «өх» дедим.

– Баягы жылы эл башкарып отурган Жумабай Шаяхметов Сабит Мукановду чакырып алып: Сабе, «Мөлтүр махабат» романыңызды кунт коюп окуп чыктым. Мурунку «Адашкандарды» өзгөртүп, кайра жазганга не мажбурлады?» деп сураптыр. «Ал эми мындай да. Мен Маскөөгө барып, «Кызыл профессура» институтунда окуп, билимимди толтуруп, жетилтип келип, «Адашкандарды» партиялык, саясыйтаптык тургудан кайра карап, оңдоп өзгөртүп, жакшыртып, кайра жазып чыкпадымбы» - дептир Сабең. Десе Шаяхметов: «Сабе, биз сизди окууга бекер жибериптирбиз» дептир. Мына, Алжаке, бул да ошонун сыңарындай маселе.

Улукбек да Маскөөгө барып, адабият институтунда окуп келип, жанагындай кыйшык ырларды жаза баштады. Сиздер тээ башта Улукбекти Маскөөгө бекер жибергенсиздер. Эми кыйшык ыр жазбаганда кантсин? Анткени окуусу ашынган.

Ага өзүңөр күнөөлүүсүңөр... - деп, күркүрөй сүйлөгөн Сырагаң элди дуу күлдүрүп, сөзүн аяктады. Жана эле мени кууруп жечүдөй жетип келген Алжакеңдин келте бою келпиндеп, кеңк- кеңк күлүп, көзүн сүртүп жатканда бир «ажалдан» кутулдум деп сыртка жөнөдүм.

## Табышмак төпөш

Акын Ануарбек Дүйшөмбиев басмага келип: «Мынабу кайнимди бүгүн мага бер»,- деп, Сагы агадан мени сурап алды.

Экөөбүз «Калемгердин» барына барып тоокчо конуп, аздап кофе ичип отурганбыз. Аңгыча Токаш ага кирип келип, карап турду. Бир аз кызуу экен. Эпкини катуу. Мен ордуман учуп туруп, саламдашайын десем, Ануарбек ага: «Сен козголбо» деп ийинимен басып отургузуп койду. Токаң отурар ыңгайын таппай, бизге да жолобой, отургандарды түрмөнүн надзирателиндей тиктеп ары-бери басып жүрдү. Эч ким менен сүйлөшпөйт, эч жерге отурбайт. Бир кезде бир белгилүү жаш акынсынчынын жанынан өтүп баратып отургучунун аркасынан бар күчү менен тартып чалкасынан кулатты да: «Өгөөкүйрук!»- деп, нары-бери баса баштады. Мындай шумдукту күтпөгөн адептүү жигитибиз жыгылганына кыпкызыл болуп, уялып кетти. Күлүп калдык.

Анан Токаш ага чөккөн төөдөй болуп отурган Ануарбек аганын жанына келди да, аркасына бир-эки какты. Кудум эшик каккандай. Анакең жерге түшүп, экөө бирдемелерди сүйлөшүп турган. Мен башкага алаксый түшкөн экемин, шака-шук дей түшкөнүнөн карасам, топудай Токаң өзүнөн эки эсе бийик, алп дене Анакеңдин жакасынан сол колу менен бою жеткенче тырмыша кармап, оң колу менен алы жеткенче уруп кириптир. Чапчаң экен, Анакеңдин чыкыйына муштуму беш-алты жолу ойноп кетти. Атантөөдөй Анакең былк эткен да жок. Чымын чаккандай көрбөй, жогорудан маңкая карап турду да, оң колу менен Токаңды эжке басып калды. Токаң топтой учуп, тетигинден ары телтектеп барып кулабай калды. Анан жыйрылды. Жемине секирчү илбирстей түйүлүп, тиштерин качыраткан бойдон качырып сала бергенде бардагылар жабыла арачыга түшүп, сыртка алып кетпегенде аягы эмне менен бүтөрү белгисиз эле...

– Анаке, эмне болуп кетти,- дедим чуу басылганда.

– Ит билеби? - деди Ануарбек ага. Экөөнүн эмнеге мушташканы кашында отурган мага табышмак бойдон калды.

## Тарамыш

Ошол тушта ага көзмө-көз, бетме-бет келип атылыргандар да аз болгон жок. Бирок Жарашкандын бирөөдөн коркуп, жалтанып, же басмайылын бошоткону көргөн да, уккан да жокмун. ...Бир жолу «Калемгерде» (кафе- ред.) отурсак, кайдан-жайдан Аян Нысаналин агабыз кирип келип эле Жарашкандын эки көзүнүн ортосуна сөөмөйүн малып алчудай кезеп туруп:

– Мен сага окшогон күчүктү жоготом! -деди зызырынып.

Аян аганын бир кезде урганы узакка уктаткан мушкер экенин укканбыз. Жарашкан аны эстер эмес:

Мени жоготуу үчүн алды менен алдагы сөөмөйүңдү бүтүндөп кел, - деп турган жерден шак эте калды. Көрсө, Аян аганын сөөмөйүнүн бир мууну жок экен.

... Да бир жолу Жазуучулар бирлигинде Мухтар Шаханов агабыз Жарашканга ызгаарланып: - Эй, сен деги эмне жазып жүрөсүң, чегирткенин айгырындай болуп алып?!-деп канын төгөрдө Жарашкан айтып турбайбы:

– Өзүң кимдин айгырысың?

Жарашканды теңтуштары «тарамыш» деп коюшчу эле. Анын жаш акындардын арасында кеңири таралып кеткен:

– Мен өзүм жаштайыман арак ичтим, Канча ичсем да мас болбос тарамышмын! - деп башталган азил ырын кийин өзүбүз да жатка айтып жүрдүк.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№7 (305)

30 07 2024

kyrgyztili@mail.ru




## Кырып салайынбы?

...Оролкан Бөкеевди жерлеп келатканбыз. Жарашкан, Иранбек- үчөөбүз бир көлүктөбүз. Мен өз оюм менен болуп:

– Бир байкаганым, кийинки кезде бир жакка сапарга чыксам эле бир жакыным, жолдошум же досум кайтыш болуп калат.

Жезказганда жүргөндө Жаныбек Карменов кайтыш болду. Чымкентте жүргөндө Кеңчилик Мырзабеков маркум болуп кетти. Бул жолу Оролкан агамдын казасын Акмолодон угуп, топурак салганга үлгүрүп калдым,-дедим.

– Мына мен да кийинки убакта ошондой кубулушту байкап жүрөм. Кызыл-Ордого кетсем эле бир досум кайтыш болот,- деди Жарашкан.

– Ай, Жарашкан, сен мындан ары Кызыл-Ордого кете көрбөчү, эми мен өлүп калышым мүмкүн,-деди Иранбек. Жарашкан ага кайрылып, көздөрүн жүлжүйтүп туруп минтти:

– Ушу мен Кызыл-Ордого биротоло көчүп кетип, баарыңды кырып салайынбы, ыя?!

## Туура бийде тууган жок

Жетимишинчи жылдардын ортосунан баштап Жарашкан менен Чөмүчбай адабияттагы кемчиликтерге каршы аттанып, «киши өлтүрөр» макалаларды жазып, атагынан ат үркүп, арстан жал күтүп, душманды да ашыра жыйнап алган эле. Алардын найзасына илинип кеткендер да жөн калабы?!

Эски кылычтарынын датын тазалап, адабияттагы кыска тилдери узарып, заар чачып гезит беттеринде соймоңдоп, жыйындарда тиги экөөнүн башынан кетпей жалмаңдап, жерден алып көргө, көрдөн алып күлгө чаап жатышты. Таланттууларга караганда алардын тилектештиги бекем эмеспи, экөөн ылайык болуп турса да, канча умтулган менен Казакстан Ленин комсомолу сыйлыгына жолотпой коюшту.

...Бир ирет «Аары» (биздин бир кездеги «Чалкан» журналындай- ред.) журналына Миңбай Рашевдин «Убайымчыл улума» деген, Жарашкандын ырларынын ышпалдасын чыгарган макаласы чыкты. Макала эмес эле адабий фельетон. Анда «Аары» журналынын арааны жүрүп турган. Ал сындаган башчылардын «баштары баталгага «кетип турган кез. Сатирик агабыз Жарашканды жалкытыш үчүн тилинин болгон тикен-чырканагына «бөлгөн» экен. Ошол күндөрү Жарашкан жолугуп калып: “Аарыдагы” макаланы окудуңбу? - деди.

– Окудум. «Сынчынын сыңар өтүгү...» да. Андайды оюңа алба. Окурман ак-карасын өзү эле ажыратып алат, - дедим жан тартып.

– Ага теригейин дегеним жок. Мен өзүм Абдырашев болсом, ал Рашевден төрт тамгам ашык эмеспи! - деди ойлонбостон.

# «Я, Джамбул Джабаев, доверяю...»

1983-жылы Москвадагы Горький атындагы адабий институтка киргениме эки ай болгондо Павел деген дарсташым:

– «Литературная учеба» деген журналдан сени издеп жатыры.

Кабелтең калем акың бар экен. Алсаңчы,- деди. Ал журналга окууга келер алдында бир топ ырым чыккан. Студентке акча ашыктык кылбасы бештен белгилүү. Асыресе бала-чакасы журтта калган акын-студентке эки эсе керек. Тезирээк чөнтөкө урмай болдум. Бир-эки күн Алматыны аралай чабайын деген айбаттуу ой да адырая түштү.

Казакы көз менен караганда, Москва кумурсканын уюгу, кутургандардын уясындай сапырылган, жиндинин түшүндөй кымгуут шаар.”Жатакана жакын жерде” дешкенинен алгач жөө жөнөп, редакцияны таппай, көпкө сандалып, буттары түшүп, чарчап кайттым. Бир жумадан кийин редакцияга барчу жолду катыра тактап, метро-жолдорун кагазга чийип алып жетип барсам, “убагында келген жок” деп эки күн мурун Алматыга, Жазуучулар бирлигине которуп ийиптир. Күндөрдүн биринде стипендиям тийип, алып-учуп Алматыга келдим.

Сагынычтын башын бала-чакадан, аягын “Калемгердеги” калемдештерден таратып бүтө электе Москвадан келген калем акымды издей баштадым. 150 сом ал кезде чоң акча. Быркыйматтын бир айлыгы. Алматы-Москва жолу 62 сом турат.

Ошо мезгилде Казакстан Жазуучулар бирлигинин кире беришиндеги атайын үстөлдө түрлүү кат-кабарлар, кеңколтук Кеңеш өкмөтүнүн булуңбурчунан келген калем акы кабарлары “мен мындалап” жайнап жатчу. Биздин калемгерлер алардын ичинен өз атына келгенин таап алса, таалайы асмандап, бири-бирине жууп, жуугузуп жүргөнүн да далай көргөм. Баарынан кызыгы, небак сөөгү сөпөт болгон классиктерибизге да башка республикалардан калем акы келип турар эле.

Бул ирет ал үстөлдөн калем акы кагазымды табалбадым. Кеңседеги кыздардан сурасам, бир аз убакыт жаткан соң, аны Жарашкан Абдырашев алып кеткенин айтышты.

Жарашкан менен ал күнү жайраңдап көрүштүк. Жакеңе ырларымдын калем акысын Москвадан бери издеп келатканымды, издеген жогумдун учугу өзүнө келип тирелгенин айттым. Ал кебелип да койгон жок:

– Ой, кокуй оой, сен ошо түккө турбаган тыйын-тыпырды сурап турасыңбы?

– Тыйын-тыпыр дегениң кандай? Оңой акчабы? Бакандай 150 сом...

– Койчу ай, 150 сом да акчабы? Ошону да кеп кылып...

– Жаке-ов, ал сага акча эмес чыгар, бирок мен сыяктуу студентке... анын үстүнө четте жүрөм... биякта чиедей бала-чака бар дегендей...

– Жөн, ыйлактаба. Башка калем акыларыңды түгөлдөп алсаң деле жетет. Ал акчадан күдөрүңдү үз. Чөмүчбай экөөбүз эбак эле башына суу куюп салганбыз.

– Кандай?

– Кандай дейт тура, кадимкидей...

– Кадимкидей? Ал менин атымда турса почта силерге кандайча берип салат?

– Такыр эле бала турбайсыңбы. Ушуну да билбей... Сенин атыңан ишеним кат жазып, колунду коюп, Жазуучулар бирлигинин мөөрүн мөлтүрөтө басып туруп барсаң, бербеген почтаны көрөйүн. Биз өшөнтүп акчаны алып, кафеге барып башка эмес, дал өзүңдүн ден соолугуң үчүн, ырларың үчүн иче берип өлүп кала жаздаганбыз. Ар ким үчүн эле иче бербейбиз! Бизди да аяш керек да...

– Ошондо сени катуу мактадык. Кулагың чайнектин капкагындай тегеренип түшүп кала жаздаса керек?

– Анда... эми...

– Эми издебе дебедимби. Сен эле бекенсиң? Чөмүчбай экөөбүз ал почтого кимдин гана атынан барган жокпуз. Антпесек, ар жактан келген калем акылар айлап жаткан соң эч ким албаса кайра кайтарылып, жөн эле куйүп кетени жатпайбы! А биз болсо аны ийгиликке айлантабыз. Аны айтасың, бир жолу Чөмүчбай экөөбүз кырк жыл мурда жер менен жексен болгон Жамбыл атабыздын калем акысын кагып түшкөнбүз. Жер жамандап барбасын. Арбагы ыраазы болсун, деди Жарашкан күүлөнүп.

– Акчасын курутуп жатсаң, арбагы кандай ыраазы болот?

– Арбагынан айланып, атын даңазалап, кайтадан-кайта тост көтөрсөң, кандай ыраазы болбойт? Болмок тургай сүйүнгөнүнөн оонап-оонап көрдөн чыгып кете жаздаган чыгар. Өзүң ойлосоң, эми ал кишиге калем акынын эмне кереги бар?!

– Кызык, биз го көзүбүз тирүү, а тиги жарыктыктын акчасын кантип алдыңар?

– Мындай болду. Жамбылдын атына Прибалтикадан бир топ акча келиптир. Эстондор Жакендин өлүү-тирүүсүн билмек беле. Которум кагазы үстөлдө саргайып көпкө жатты. Ары өтсөк да, бери өтсөк да көздүн куртун козгоп, кызыктыра берди. Аны алар жан жок. Бир күнү Чөмүчбай экөөбүздүн чөнтөгүбүз тешилип, баш жазалбай кыйналдык. Кайдан-жайдан келе калган калем акыбыз жатпасын деп үстөлдүн үстүн он оодардык. Колубузга карга чычар эмес. Жамбыл атабыздын атына келген кагаз кайтадан-кайта колго урунуп... жетим баладай тиктеп... иштебеген башты иштетип жиберди.

Анан мен ишеним кат жаздым. Орусча. Почтодогулар орусча жазбасаң бербейт. Акчанын кагазы да. Жоопкерчилиги көп!

Жазганым мындай: «Я,... «Я, Джамбул Джабаев, доверяю причитающееся мне сумму столько-то рублей получить Джарашкану Абдирашеву, номер паспорта такой, серия такая...» деп Жамбыл атамдын ордуна өзүм тыйраланда кол коюп, Чөмүчбайга «заверяю» деп буйрутма жаздырып, Жазуучулар бирлигинин бугалтыр кыздарына апардык. Алар ирмемге келтирбей мөөр басып беришти. Себеби аларга шоколат же шампан ал- парып беребиз. Небактан иштелип бүткөн ереже! Почтада болсо нымтыраган сабатсыз, орус тилдүү аялдар Жамбыл тургай Жамини али тирүү деп отурушат. Өлгөнүн билсе, бизди жолотобу?!

Мына, XX кылымдын Гомери атанган улуу акын Жамбыл Жабаевдин өзүнүн калем акысын ичип салганбыз! Ал Ленинграддагы уландарына ыр арнаса, биз алматылык уландарыбыз!

Жамбылдын жанында сеники эмне болуп калыптыр? Пучуха!

Өзүң деле ойлобойсуңбу, жолдугуң жасап, Чөмүчбай экөөбүздү ресторанга алпарсаң да ушу акчаң кетмек. Тормузуңа суу тийсе, андан да көпкө жыгылмаксың. Эртеси башыбызды жазам деп, ого бетер чыгым болмоксуң. Ыя, же андай эмеспи? - деп далыга чаап туруп, сөзүн өзүмө макулдатып алды. Кандайча баш ийкей бергенимди байкабай да калдым. Анан өзүмө келишимди күтпөй эле:

– Кой, жүр андан көрө «Калемгерге!» Жолуңду өзүм жууп берейин, деди Жарашкан чачы төгүлүп, кашкая күлүп. Ошо күлкүсү өзүнө куп жарашчу эле.

Барсак, Чөмүчбай чалкып отурган экен. Бул ааламда андан улуу акын жок. Эркелеп, эбелектеп отурат. Өзү бизди өпкүлөп бүткөн соң: «Эми мени өп!» - деп кыйнаганын кантесиң?! Алдында кымбат коньяк «Белый аист». Кимдин калем акысына келгенин бир кудайдын өзү билсин...

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№7
(305)
30
07
2024

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№7
(305)
30
07
2024
kyrgyztili@mail.ru



# Мактымкулу






Которгон:
**Түгөлбай КАЗАКОВ**

## Сен сулуу

*Күндүн нуру көк булутту тилгендей,*
*Күлкү чачып туулган айым, сен сулуу.*
*Жаңы тонун жалтылдатып кийгендей,*
*Жараткандын ак шамшары сен сулуу.*

*Сооруда ойноп, шылдыраган чачпагың,*
*Колго тийбей, же сырыңды ачпадың.*
*Эрдиң ширин, эки келбес аппагым,*
*Тоо булактай мөлтүрөгөн сен сулуу.*

*Баатыр чыкса элден акын жар салар,*
*Багына анын жетпей кетет канчалар.*
*Бажырайган periге ар ким тамшанар,*
*Бактылуунун маңдайында сен сулуу.*

*Сулуулукту үр кыз менен талашкан,*
*Сени көрсө, ар ким эстен адашкан.*
*Кереметтин баары сага жарашкан,*
*Кел-кели бар, нурдан бүткөн сен сулуу.*

*Мактымкулу, сырын элден жашырса,*
*Тилин кестир, жалган сөзгө баш урса.*
*Өмүр бою бирөө үчүн ак урса,*
*Анда анын бар тиреги- сен сулуу.*

## Болор

*Адал жүрүп эл оозуна илинген,*
*Алкыш алар, мартабасы зор болор.*
*Жакшылыгы жамандыктай көрүнгөн,*
*Жан сүйбөгөн жаман иттей кор болор.*

*Черлүү болор муратына жетпеген,*
*Муңдуу болор Жараткандан четтеген.*
*Насибине эч каниет этпеген,*
*Көзүн сатып, көрүнгөнгө зар болор.*

*Теңир урар, кырсык басар адамдар,*
*Теңин-тушун, жакындарын жамандаар.*
*Алын билсе адашпаган кадамдар,*
*Алын билбес шермендеге тең болор.*

*Кандай кыйын байыр таппай каңгыган,*
*Кайда барса алдында ажал аңдыган.*
*Күрөштөрдө жоону жеңбей алдырган,*
*Көөнү толо ыза, күйгөн ар болор.*

*Жаалы аздын кайраты да кем болор,*
*Жалтак келет, жигери жок бел болор.*
*Белес-жондо бара калсаң үйүнө,*
*Пейилсиздин беш тарабы кем болор.*

## Бар чыгар

*Күндө жүз миң о дүйнөгө кетсе да,*
*Бул жалганга келгендер да бар чыгар.*
*Жүз миң акмак жөнүн билбей өтсө да,*
*Туура жолго түшкөндөр да бар чыгар.*

*Сансыз дервиш элди арбап жүргөндө,*
*Сабыр тутуп сансыз жандар жүргөндө,*
*Далай жерде ыйлап, зарлап жүргөндө,*
*Далай жерде күлгөндөр да бар чыгар.*

*Араласаң бу жалгандын жан-жагын,*
*Аралашкан арам, адал, арбагың.*
*Далай жандар тамак издеп жүргөндө,*
*Далай-далай карк болгондор бар чыгар.*

*Угумсуз жар, аңдабас эр ар элде,*
*Убайымды узартышты жер-жерде.*
*Суу Сулайман, эр Үрүстөм шерлерге,*
*Куру сыйынып жүргөндөр да бар чыгар.*

*Мактымкулу, көңүлүңө кайгы алба,*
*Бул бир мезгил жазып койгон маңдайга.*
*Айтканымды укпады деп саргайба,*
*Аалам кенен, сөз баккандар бар чыгар.*

## Конок

*Карагат да теңеле албас кара көз,*
*Карегиңде жалтактаган коногуң.*
*Келсе бирөө ач экен деп ойлобо эч,*
*Кеп укканды эңсеп келген коногуң.*

*Жылдар өтөр өмүрлөрдү эңшерип,*
*Жакшы аңгеме азаматка тең шерик.*
*Жаз жадырайт, жайнаган гүл сеңселип,*
*Жатып кетер ал да жылдын коногу.*

*Сырдуу дүйнө сарай экен кең ичи,*
*Азем бактар көңүлдүн бир бейиши.*
*Ал бактардын не бир түркүн жемиши –*
*Алар дагы аз күн келген коногу.*

*Эр жигитте болбосо эгер каруу, ат,*
*Жоого каршы чыгар анда жок кубат.*
*Жылдар менен кошо кетет күч-кайрат,*
*Жалын курак жигиттин да коногу.*
*
*Тагдыр сага дайым күлүп карабайт,*
*Тамтаңдатат, аягында табалайт.*
*Жашайт, бирок эч ким тирүү калалбайт,*
*Жаныбыз да денибиздин коногу.*

*Теңирден биз келдик адам кейпине,*
*Текеберди шайтан алар эркине,*
*Ажал дагы карабайт го көркүңө,*
*Ажарың да аз күн беттин коногу.*

*Мактымкулу, эл аяны өзүңдө,*
*Оюңда өлүм, коркунуч бар көзүңдө.*
*Канча өмүр сүрсө да жер бетинде,*
*Адам деген аз күн дүйнө коногу.*

## Сен дүйнө

*Омуроосу толкун жарган кемени,*
*О бир күнү оодарасың, сен дүйнө.*
*Кудайын да таанybаган неменин,*
*Калтырасың жолдо башын, сен дүйнө.*

*Кимдер билет качан тынчып каларын,*
*Кабыр өлчөйт ар бир баскан кадамын.*
*Байлык кууп өтүп кеткен адамдын,*
*Басып үстүн жол саласың, сен дүйнө.*

*Бир сыр бербей келесиң да, кетесиң,*
*Бирде жакшы, бирде жаман өтөсүң.*
*Ашыбызга алдап туруп байкатпай,*
*Бал ордуна уу саласың, сен дүйнө.*

*Кыш да өтөр, жаз да келер, кетер күз,*
*Кыйыр бүтүп жетер жерге жетербиз.*
*Кыйылсак да кетер күнү кетербиз,*
*Кунары учкан куу талаасың, сен дүйнө.*

*Өмүрлөрдү койдуң жутуп жым-жылас,*
*Өзгө тургай пайгамбарга кылдың кас.*
*Бурадарды, залкарларды кылдың аш,*
*Бу жалганда не коёсуң, сен дүйнө.*

*Мактымкулу, жашоо сырын айтчы сен,*
*Бүгүнкүнү эртең издеп тапчы сен.*
*Канча жутсаң кардың тойбос ачсың сен,*
*Качан болсо обуру ачык сен дүйнө.*

## Сен кимсиң?

*Жаным, сени бир көрсөм деп зарыгам,*
*Жашоосуңбу, жаннатсыңбы, эмнесиң?*
*Жалгыз сенсиз жай табалбай камыгам,*
*Жаанда жок майнапсыңбы, эмнесиң?*

*Шайды оодарып, башты айлантып арбаган,*
*Шарапсыңбы, жыты аңкыган гүлсүңбү?*
*Же желсиңби бетти жумшак аймаган,*
*Же Ай, Чолпон, көктө жарык Күнсүңбү?*

*Атырсыңбы, халвасыңбы, эмнесиң,*
*Адаштырдың, деги кайсы жердесиң?*
*Азабыңды башка жанга бербесин,*
*Аккан дайра, селсиңби же эмнесиң?*

*Алтынсыңбы, күмүшсүңбү, зерсиңби?*
*Ааламсыңбы, асмансыңбы, жерсиңби?*
*Адам жетпес бийик ашуу, белсиңби?*
*А болбосо табылбаган сен кимсиң?*

*Мактымкулу, кеч намыстан, арыңдан,*
*Көкүрөгүң махабатка жарылган.*
*Жалгыз гана сен адаштың жарыңдан,*
*Мажнунсуңбу, дервишсиңби, сен кимсиң?*

# АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНА САЯКАТ

(Ч.Айтматовдун чыгармаларынан)















**СУРАПБАЕВА Батма**

«Жамийла» бир күнү эс алуу үчүн «Бото көз булакка» келип, ал жерден суусунун кандырып, бир азга сергий түштү. Бир убакта асман түнөрүп, жаан жаап кирди. Жамгыр дыбырап жаап отуруп, «Ак Жаанга» айланды. Жакын жердеги «Асма көпүрөдөн» өтүп баратып, жал куйругу төгүлгөн, келишкен жаныбар «Гүлсаратка» көзү түштү. Ал кичинекейинен аттын жалы менен тең ойноп чоңойгондуктан, тез эле аны кармап, минип алды. Алыстан кулагына кеменин үнү угулду. Караса, «Ак кеме» сүзүп бараткан экен. Эми гана жаз келе жаткандыктан, көлдүн айланасындагы тоолордогу карлар акырындап эрип, «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөттү» элестетип турду. Бир убакта «Эрте жаздагы турналар» кымгуут болуп, асман бетин бербей учуп өтүп калышты.

Ошентип, көп нерсеге алаксып отуруп, кеч кирип кеткенин да байкабай калды. Көп өтпөй асманга жылдыздар толуп чыкты. Сан жылдыздардын арасынан «Саманчынын жолу» даана көрүнүп турду. Ал көпкө кыялданып отуруп, «Биринчи мугалимин» эсине түшүрдү. Анын кулакка куйган акыл-насааттарын, ак менен кара «Бетмебет» келгенде ак жеңип чыгарын айткандарын ойлоп жатты.

Бүгүнкү түн ал үчүн өзүнүн ичиндеги бардык бугун сыртка чыгарып, ички дүйнөсүн, тазартуучу түн болгондуктан, Япониянын «Фудзияма» деп аталган тоосу сыяктуу бул жерди да «Фудзиямада кадыр түн» тостум деп ойлоду. Ал аңгыча агарып таң атып келе жатты. Бир көз ирмебей таң атыргандыктан Жамийлага бул күн «Кылымга тете бир күн» болду.

Күн жер бетине тегиз тараганда, ал кырманга жетип келди. Данияр алдынан тосуп чыгып, «Кызыл жоолук жалжалым», менин калкатайым», – деп эркелетип маңдайынан сүйдү да, атайын бактан үзүп келген «Кызыл алманы» берди. Анан бир топко ойлонуп туруп мындай деди: “Мен туулуп-өскөн жериме кетейин деп чечтим. Жетим болсом да, «Атадан калган туякмын», өз жериме барып ата-энемдин очогунан түтүн булатышым керек. Эгер макул болсоң, экөөбүз бирге кетели” – деп суранды. Жамийла бул сунушка каршы болгон жок.

Ошентип, экөө айылдан жашыруун чыгып жөнөштү. Бир убакта аларды Сейит көрүп калып, алардын кайда бара жатканына акылы жетпей бир топко карап турду. Демейдегиден башка жол менен бараткандарын көргөндөн кийин гана жеңесинин бирөө менен биротоло кетип жатканына көзү жетти. Балалык тунук кыялы менен наристе балапан жүрөгүндө бек сактап, аздектеп сүйүп жүргөн асыл адамынын кетиши Сейитке аябай оор тийди. Бир заматта жер бетинде алай-дүлөй болуп, «Кыямат» жүрүп жаткандай, азыр эле калдайып тынч турган «Тоолор кулагандай»сезилип, жан-дүйнөсү эзилип, баарын унутуп салып, буркурап-боздоп ыйлады. Жалгыз өзү камалып «Аскада калган аңчынын ыйы»да Сейиттин азыркы ыйына жетпес эле. Ал ошентип муңканып көпкө чейин отурду. Бир оокумдан кийин гана өзүнө келип, чоң кишидей ой жүгүртүп, акыл калчап көрдү. Жамийланын кетиши ал үчүн канчалык кыйын болсо да, анын бул кадамга барышын туура деп эсептеди.

Экөөнүн жетелешип бараткандары Сейиттин көз алдында түбөлүккө сакталып калды.

## *Каармандары кайгырат*

**(Ч.Айтматовго)**

*2008-жыл. Июндун ону күнү,
Капыстан чолпон жылдыз учуп түштү.
Чыңгыз ага сизди издеп таба албай,
Каармандарың, тартып турат чоң күйүттү.*

*Тоодой кайрат, күч-кубатын дале топтоп,
Томсоруп Толгонайың турат жоктоп.
Жаратkандын буйругуна баш ийсе да,
Кайгыга чыдай албай күйүп, онтойт.*

*Даниярдын обону муңдуу чыгат,
Шайыр мүнөз Жамийла кабак чытат,
Ыйлачудай буркурап Сейит дагы,
Өзүн кармап тургансыйт араң чыдап,*

*Ак кемени күткөн Бала, Момун чал да,
Ал турсун ашкан зөөкүр Орозкул да.
Сейдакмат, Бекейлери – баары келип,
Жаш тыйылбай көздөрүнөн ыйлашууда*

*Кызыл жоолук салынган Асел дагы,
Сыздап ыйлайт, майышып тартат кайгы,
Аны менен азабын тең бөлүшүп,
Ильяс, Жантай, Жантурин турат баары.*

*Чабан Бостон буулугуп ичтен түтөп,
Үн катпастан күнүгө аза күтөт.
Кара ниет Базарбай, Көктурсун да,
Кайгынын кемесинде бирге сүзөт.*

.

*Акбаранын көз жашы дагы акты,
Ташчайнар тоо жаңыртып улуп жатты.
Жакыныңдан айрылуу канчалык оор,
Оо, алар ал азапты канча тартты…*

*Кайгысынын азабынан байкуш Сейде,
Ээн талааны кыдырып кеткен эле,
Бул кабарды укканда тура албай,
Жашын төгүп, бул жерге жетип келди.*

*Азаптарды көп тартса да жашынан,
Айрылса да, Гулсараттай атынан,
Мынчалык кайгырбаган, мына бүгүн,
Танабай тайып турду кайратынан.*

*Казангапты жерге берип жаңы гана,
Бир күндө бир кылымды карытканда.
Сабитжандын «акылына» ачууланып,
Едигей кейиш тартып турганында.*

*«Айрылдык»- деген кабар «солк » эткирди,
Атагы ашкан дүйнө элинин уулунан.
Алапайын таба албай кеңгиреди,
Туш-туштан чыгып жаткан ызы-чуудан.*

*Колго алып Мырзагүлдүн жүз аарчысын,
Улам- улам сүртүп коюп көздүн жашын.
Өзгөчө өпкө кагат Султанмурат,
Өмгөктөп көтөрө албай жерден башын.*

*Узатканда окууга Алтынайды,
Эңшерилип, ээнсиреп калган Дүйшөн.
Бул кабарды укканда алдан тайды,
Эми такыр баарынан үмүт үзгөн.*

*Ошентип каармандары боздоп ыйлайт,
Кайра эле келеби деп үмүт кылат.
Дүйнөдөн өткөнүнө ишенишпей,
Ар кай жактан чурулдап издөө салат.*

*Кылымдарды карыткан ушул күндө,
Тоолор кулап, кыямат сел жүрүүдө,
Анткени ажырады адамзаты,
Эң кымбат асылынан түбөлүккө…*

## *Сүйүүнүн күчү*

*Айлана кыш, бороон уруп шаштырат,
Чоң мамыда чырак турат жаркырап.
Арсыз шамал эч нерсеге карабай,
Жуламын дейт, этегинен тарткылап.*

*Суукта үшүп, баары үйгө шашышкан,
Кыш күнүнүн ызгаарынан качышкан.
Кебелбестен каршы алып бир гана,
Турду чырак, коркпой жарык чачыштан.*

*Ага шамал заарын чачты өчөшүп,
Сени шашпа, жок болосуң жалп өчүп.
Деп кекенип, шымаланып кириШти
Ачууланды, суук ызгаарын күчөтүп.*

*Мына ошентип аны менен алышты,
Токтоткон жок тирешкенди чабышты.
Чырак болсо улам-улам төмөндөп,
Баштады ал жерге жарык чачышты.*

*Жылуулугун жерге берди жай гана.
Жарык нурга жаркырады айлана.
Мээрим чачкан жылуулукка кар эрип,
Өсүп чыкты бир назик гүл наздана.*

*Бул укмушка кыш ызгаары каарданып,
Бороон менен шамал андан жазганып.
Гүлдөн айрып буруп кетти чыракты,
Күчү жетпей калганына арданып.*

*А назик гүл жылуулуктан айрылып,
Титиреди ызгаар суукtan айбыгып,
Күтүп жатты мээрим чачкан жарык нур
Үмүт үзбөй келет го деп кайрылып.*

*Канчалаган чоң тоскоолдук турса да,
Каардуу шамал беттен алып урса да,
Байкуш чырак болгон күчүн бүт жыйнап
Арзуу айтып мээрим төктү нурдана.*

*Жанданып гүл, жаркырады нур чачып,
Жылуулукка бүткөн бою бир балкып.
Кыпкызыл таажылары суктандырып,
Бажырайды ызгаар кышта жыты аңкып.*

*Бороон, шамал туш-туштан чапкылашып,
Чыракты да койду акыр алсыратып.
Ошентсе да, гүлүм соолуп калбасын деп,
Турду ал күчүн жыйнап, жарык чачып.*

*Бара-бара жарыгы бүлбүл жанып,
Алдан тайды таптакыр эстен танып.
Аргасыздан гүлү менен коштошту,
Жарык нуру биротоло өчүп калып.*

*Гүл эми болбой калган алсыз карып,
Чырактын эбегейсиз күчүн алып,
Сугарылып ак сүйүүнүн мээримине,
Өскөн эле тамырын терең жайып.*

*Сүйүү деген күчтүү экен го керемет,
Чын жүрөктөн аянбай мээрим берет.
Укмуштуудай күчтүүлүгү мына ушунда,
Керек болсо ташты жарып, гүл да өнөт.*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№7 (305)

30 07 2024

kyrgyztili@mail.ru

# АРСТАНБЕК

(1824 - 1884)
(Үчүнчү макала)



**Садык АЛАХАН**

Ошентип, Орус империясынын келиши менен Арстанбектин тереӊ ишениминде жергебизди тар заман да келип каптады. Ал эми ошол заман тарып, акыр болор учурда:

*Этеги жок, жеңи жок*
*Кийим чыгат деčү эле*
*Алтын, күмүш түгөнүп*
*Кагаз акча пул болуп*
*Тыйын чыгат дечү эле.* (1. 24-б.)

*А келечекте болсо бул орус*
*Кара жол кылар көлүңдү,*
*Эсепке алар жериңди,*
*Койсоңдоор сенде чама жок*
*Капкандай чабар белиңди.* (1. 26-б.)

Империянын оторчулук саясаты ушундай оор запкыны гана алып келбестен эзелтен калыптанган улуттук психологияны, адамдар ортосундагы мамилени да таптакыр башка нукка салып, элибиздин өз алдынча жүзүн сактап жашап калуусуна коркунуч туудурат эле. Бул багыттагы маселелердин эң коркунучтуусу, жүрөк-жүлүндү эзген эң кооптуусу, Арстанбек ырчынын тереӊ ишениминде, дал ушул болчу. «Эки агайын бир тууган акы алышып», «айтканына ишенбей бата алышып» анан да

*Кыздары кетер сынынан,*
*Келиндер кетер келбеттен,*
*Уландар кетер уяттан,*
*Катындар кетер каркынан,*
*Карылар кетер баркынан.* (1. 38-б.)

*Ал гана турсун жергебизди тар заман каптаганда*
*Солдаттыкка берерсиң*
*Ичиңден чыккан баланы.* (1. 26-б.)

Мына ошентип, келер заман тар замандын бүт сын-сыпатын ырга кошкон Арстанбек көп өтпөй эле бул замандын чынында эле кирип келгендигин өз көзү менен көрүп, ал заманга өзү күбө болуп калды. Анткени, 1861-жылкы Орусиядагы крепостнойлук укуктун жоюлушу менен империянын чет жакасындагы аймактарды каратып алуу, ал жерлерге эркиндик алган мужуктарды жер котортуу саясаты ыкчамдап жүргүзүлө баштаган эле. Ошентип, келечекте болот деген тар заман тез эле реалдуулукка айланды да калды.

*Бул орусту карасаң,*
*Суу-сууга салды бекетти,*
*Болуштарды карасаң,*
*Катыныңдай кекетти.*
*Майырды* көрсөң майыңдай*
*Набактыны карачы,*
*Атаңдын салган жайындай.* (1. 29-б.)

Анан да:

*Он бөлөктөн үй чыкты,*
*Он башы деген бир чыкты.*
*Эки бөлөк үй чыкты*
*Тебетейин кырдантып,*
*Элүү башы бий чыкты.*
*Үйөз башы бар экен,*
*Үйүрү өскөн айгырдай.*
*Мужуктары бар экен,*
*Меңдубана бүрүндөй.*
*Жасоолдору бар экен*
*Желмогуздун сүрүндөй.* (1. 30-б.)

Мына ошентип, бүт кыргыз жери орус империясынын оторчул бийлигинин кол алдында калып, турмуш нугу акырындап башка багытка түшө баштады. Жергебизге башкаруунун жаңыча системасы, жаңыча усулу орноп, мурда болуп көрбөгөн ырк-мамилелер пайда боло баштады. Бул өзгөрүүлөрдүн баарысы, албетте, Арстанбек ырчынын «Тар заман» поэмасында конкреттүү мисалдар менен өтө элестүү чагылдырылды. Белгилүү адабиятчы К.Артыкбаевдин сөзү менен айтканда: «XIX кылымдын орто ченindеги кыргыз элинин коомдук турмушунун ар тараптан тарып, колонизаторлук режимдин алкагында калып, улуттук боштондуктан ажыраган мезгилдеги көрүнүшүн Арстанбек «Тар заман» деп эң таамай аныктаган». (2. 124-б.)

Ушул жерде биз казактын улуу уулу Чокан Валихановду: “Угушка караганда Арстанбек акындын устаты Калыгул акын Бай уулу болгон. “Тар заманды” Калыгулду ээрчип айткандыгы көрүнүп турат”, – деген таамай айтылган пикирин да эстей кеткенибиз оң.

Дегеле Арстанбектин «Тар заманы» улуттук ырчылар поэзиясындагы доор көйгөйүн, мезгил чындыгын ашкере таамай чагылдырган, көркөмдүгү жогору, таанып билдирүүчүлүк касиети тереӊ жана да жараткан адамынын орошон талантын ашкере ачык айгинелеп турган чыгарма боюнча кала бермекчи.

Анан да улуу ырчы «Тар заманды» обонго салып комуз менен да ырдап жүргөнү афсана кепке айланган. Арийне, мындай учурда чыгарманын жугумдуулугу артып, таасирдүүлүгү күчөйт. Ушундан уламбы «Тар заманды» угуп отур ган калк көзүнөн жашын көлдөтүп тыңдоосу эл ичинде айтылып калган.

Айта кетчү бир нерсе, мезгил өткөн сайын улуу ырчынын империя саясатына болгон көз карашы акырындап өзгөрө баштаганын көрөбүз. Бул өзү мыйзамченемдүү көрүнүш эле. Анткени, көкүрөгү тунук, сеземи курч, ар нерсени тереӊ калчап баалай билген Арстанбек коомдогу прогрессивдүү өзгөрүүлөрдү байкабай коймок эмес. Ал эми көзү көрүп, көкүрөгү туйган чындыкты жарыя айтпай жашырып калууга андагы ырчылык ариет, сүрөткерлик бийик ар-намыс жол бермек эмес. Ошондуктан

*Кыйын болду кыргызга,*
*Бул орустун келгени,* - деп (1. 42-б.) ырдап жүргөн Арстанбек өмүрүнүн соңунда империянын саясаты, жүргүзүп жаткан иш-аракеттери жөнүндө момундай деген чындыкты айтып кеткен:

*Шоодураган солдаты*
*Бопорос, кагаз, канжасы,*
*Карап турсак орустун*
*Катыла келген жоолорго*
*Катуу экен калбаасы*
*Кара ниет душманын*
*Кармап алып жай кылды,*
*Кокондуктун кандары*
*Тактысынан тайгылды,*
*Баатыр орус тушунда*
*Ак калпактуу кыргыздар*
*Ала-Тоонун жерлерин*
*Тынчып уктап жай кылды.*
*Калмактын журту калтарды,*
*Казакты баскан кадимки*
*Канкор төрө тукуму*
*Каш кайтарбай жалтанды.*
*Сары орус султан болгону*
*Саамал ичип кенелдик,*
*Зардабы өткөн душманга*
*Санга жетип теңелдик.* (1. 112 – 113-бб.)

Мына ушундай. Кайталап айтабыз, ашкере акылкөй ырчы катары Арстанбек заман күүсүн жетик билген, турмуш агымын реалдуу карай билген сүрөткер болуу менен бирге аны жасап-түзөбөстөн болгонун болгондой кылып калың элдин таразасына коё да билген залкар талант болгон.




Жыйынтыктап айтканда, өзү күбө болуп, өз көзү менен көргөн Кокон бийлиги менен орус империясынын кыргыз жергесинде жүргүзгөн саясаты, кыргыз элинин турмушуна алып келген өйдө-төмөнү жөнүндө улуу ырчы Арстанбек ары чынчыл, ары адилет, ары көркөмдүк жактан жеткилең сөзүн ар качан калың элдин алдында ашкере да, ачык да айтып келиптир.

***

Заман көйгөйүн, мезгил чындыгын ашкере жетик ырдоо менен бирге Арстанбек терме, санат ырлардын да залкар устаты болгон. Белгилүү ырчы Чоңду Арстанбекке кайрылып туруп:

*Санат ырга мыктысың,*
*Сабалап ырдап жыкчусуң* – деп бекер жеринен айткан эмес. Арстанбектин терме, санаттары айтайын деген оюнун тактыгы, афоризм тариздеңген учкул сөздөрүнүн таамайлыгы жана да эзелтен келаткан нускалуу ойдун ырчынын өзүмдүк ойжорумдары менен толукталып дагы да конкреттештирилип, ансайын көркүнө чыгып берилиши. Арстанбек минтип айтат:

*Кичи акысын жегендик*
*Арамдыктын белгиси.*
*Мээнет менен жан багыш –*
*Адалдыктын белгиси.*
*Тузуна кара санаган*
*Айбандыктын белгиси.* (1. 81-б.)

*Адамдын көөнүң оорутпай,*
*Аста-секин кеп айтыш –*
*Асылдыктын белгиси.* (1. 83-б.)

Улуу ырчынын мындай асыл баа саптары эч бир адамды кош көңүл калтырбайт. Ушул жерде биз белгилүү эстетик-адабиятчы Кадырбек Матиевдин төмөнкү пикирин ортого сала кетмекчибиз. “Мындай гумманисттик мотивдер, гуммanisттик концепция, – деп жазат окумуштуу – Арстанбектин жалпы чыгармачылыгына мүнөздүү. Ошондуктан акын адамдын жүрүш-турушундагы, мүнөзүндөгү түркүн белгилерди, жышаандарды мерчемине жеткире, кыябына келтире элес берүүгө зергердей уста. Ушул чеберчилиги, виртуоздугу менен коюлуп жаткан эстетикалык проблемалардын глобалдуулугу жана түбөлүктүүлүгү менен Арстанбек бүгүнкү окурманды да таң калтырбай койбойт. Эң башкысы – акын поэзиясы менен ой менен сезимди бирдей ширештирген көркөм каражаттарга, образдуу салыштырууларга, метафораларга бай, кулакка уккулуктуу, мукамдуу, музыкалуу, уйкаштары куюлушуп, ритмикалык-метрикалык ыр өлчөмү элдик поэзиянын чегинде 7-8-9 муундан турса да, идеялык мазмуну жактан акындын чыгармалары жаңычыл кубулуш болгон өз учурунда. Өз заманындагы угуучулардын эстетикалык кабылдоосуна ылайыкташтырылган поэтикалык ыргактары... жоргонун желишиндей элпек, тили жатык, лексикасы бай, образдары көп маанилүү, таасирдүү. Терс көрүнүштөрдү өлтүрө сындаган сарказм, какшык, кыйытма, күйдүргү сөз иретинде айтылган сынчыл идеялар жыш. Мунун баары акындын рухий демөөрүнөн, талант кудуретинен кабарлап, көптү билгенинен күбөлөндүрөт, анын эстетикалык-көркөмдүк диапазону кенендигин көрсөткөн төгүндөлгүс чындык”. (3. 229-б.)

**Пайдаланылган адабияттар**

1. Саманчин Т. Арстанбек. – К-те: Арстанбек. Ырлар. (Түзгөн жана басмага даярдаган Б.Кебекова) – Б.; Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы. 1994.
2. Артыкбаев К. Арстанбектин «Тар заманы». – К-те: Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. Б.; Адабият. 1991.
3.Матиев К. Алп акындын айкөл музасы. // “Ала-Тоо”, 1996, №1.

# «Манас» эпосундагы элдик түшүнүктөр жана алардын кыргыз турмушунан алган орду

*(Уландысы. Башы 6-бетте)*

Мындай мисал эпостун “Манас” бөлүмүндө (Каныкей канча жолу эскерткенине карабай, көңүл бурбай жүрүп, “Көз камандпрдын” душмандыгы билинет), “Семетей” бөлүмүндө да Семетей Каныкейдин барба деген тилин албай, куралжараксыз, Канчоронун тилине кирип Манастын күмбөзүнө барып, аягы трагедия менен бүтөт. Ушулардын баары Каныкейдин, кийин жалпы эле ургаачы затынын ыйыктыгын көрсөтүү үчүн ачык факт болуп берет. Ушул күндө да аял киши эркектин жолун кесип өтсө, эркектин багы байланат деген элдик ишеним-түшүнүк азыр да жашап келет. Мындан эпостордогу айрым айткан тилди албай, элдик баатырга жат болгон иш-аракеттер,адамдык сапаттар жазаланууга тийиш деген ой айтылгандыгына күбө болобуз. “Эгерде элдин баатыры журттун айтканына көнбөй адилетсиз чабуулга аттанса, анда ал өзүнүн сүйүктүү каарманын да аябайт. Эпостун гуманисттик жыйынтыгы да ушунда” (Ч.Айтматов). Байыркы элдик түшүнүктөргө келсек, дагы эле ушул никеге байланыштуу тиги дүйнөлүк нике же жар деген да бар. Бул Манас менен Сайкалдын, Семетей менен Кайып чал кызы Куялыдан улам көрүнөт. Мында да элдин байыркы фетишизм[11,1995,323-325] менен болгон ички байланышы орун алган. Адамдын “жаны” өлбөйт ,ал тиги дүйнөдө жашайт деген ишеним-түшүнүк орун алат. Элдик педагогиканын дагы бир ачык мисалы төмөнкү төрт сап ыр жолунан да көрүүгө болот:

*Тупа-туура барыңар,*
*Ат менен салам бериңер.*
*Камчы сүйрөп кириңер,*
*Мүдүрүлбөсүн тилиңер.* [12. 1984, 89]

Бул мисалда көрсөтүлгөндөй эч убакта кыргыз баласы өзүнөн улуу адамга, сыйлуу кишисине, бийлик ээсине тике карап, сөз салган жана ат үстүнөн кол берип, саламдашкан эмес. Ошондон улам эпосто “Тупа -туура барыңар” деп ниети бузук ишке үндөп жатат. Экинчиден, жогоруда айтылып өткөндөй, “ат менен салам бериңер” деген сапта эч убакта улуу адамга жашы кичүү киши ат үстүнөн салам айтып, кол сунбайт. Бул да болсо көпкөндүктүн, теңсинбөөнүн жана кыр көрсөтүүнүн белгиси катары кабылданган. Ал эми “Камчы сүйрөп кириңер” – деген сапта да жакшы көз караш, ниеттин белгиси болгон эмес. Эл башчынын же сыйлуу адамдын үстүнө камчы сүйрөп кирбеген. Ал ачыктан ачык душмандыктын, таза тилек-ниетти жокко чыгарган белги катары туюнтулган. Ошол эле учурда “мүдүрүлбөсүн тилиңер” дегени “унчукпай калбагыла, тилине тил кайрып, өлбөгөн жерде калгыла” деген элдик түшүнүктөр, табигый же элдик акыл-эстин эң элементардык белгилери эпосто ушундайча берилген. Алардын баарына кенен токтолууга бул материалга коюлган көлөмдүн ченеми жол берген жок. Негизинен, улуттук философия, педагогика жөнүндө сөз болуп, алардын нукура тазалыгы үчүн камылга көрүүдө элдик эпосубуз “Манас” баш болгон ата мурастарыбызга кайрылуу максатка ылайыктуу болмок. Жогоруда көтөрүлгөн айрым маселелер байыркы кыргыз эпосунун элдүүлүгүн ар тараптуу далилдейт.

Корутунду катары сөз аягын залкар жазуучубуз, маркум Ч.Т-.Айтматовдун өзүнө берүүнү эп көрдүк: “Албетте, эпос деген эпос. Ар түрдүү тарыхый кырдаалдарга ылайык эпостун көркөмдүк турпатына, кала берсе идеялык түзүлүшүндө ар түрдүү катмарлануулар болбой коюшу мүмкүн эмес. Катмарлануунун өзү да эпостук касиет. Мындагы маанилүү башкы маселе- “Манас” эпосунун түпкү нукура идеясы миң жылдар бою ар түрдүү тоскоолдуктарга, кысымдарга учураганына карабастан өзүнүн наркын жоготпой биздин улуу заманга жеткенинде. Бул эпостун майтарылгыс күчү”.

Муну менен катар жогоруда белгиленген алгылыктуу жагдайлар кыргыз элинин бул байыркы оозеки мурасынын элдүүлүгүн айгинелейт.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№7 (305)
30 07 2024
kyrgyztili@mail.ru

*Доoронбек САДЫРБАЕВ*

# КАРАКЧЫ



Чыкыроон кыш күндөрү. Аркы-беркиден кеп уруп коюп жоон топ адам, «Ала-Тоонун» оропарасында автобус күтүп турабыз. Эмнегедир эле кимдир-бирөөнүн өткүр көз карашы желкемди көзөп туруп алгансыганын улам, акырын кылчайып, жан-жагымды карасам, чын эле шляпасын көзүнө баса кийген, турпаты менден кабелтеңирээк, кудум эле детектив кинолордогу каракчы кебетеленген орто жаштардагы неме, утур-утур тыбыт мээлейи менен делдейген эки кулагын ушалап коюп, мени теше тиктеп туруптур.

Муундарым калчылдап, жүрөгүм алкымыма каптала түштү. Анын жүзүнө дагы бир жолу тик багып караганга даабай, «автобус күтпөй эле, жөө кете берейинчи» деп топтон бөлүнүп чыга берсем, а да артымаан ээрчип алса болобу... Жанталашып кайрадан адамдарга аралашканча шаштым. А да кайра тартып, акырындык менен мага жакындай баштаганда, кудай жалгап автобус келип калбадыбы...

Жанагы «каракчыдан» кутулуунун амалын кылып, кемпир-кесекти жөөлөсөм да, автобуска эң биринчилерден болуп чыктым. Бирок каран калгырдыкы, автобус жакындап жыла баштаганда, а да акыркы болуп илинип калыптыр. Автобустун орто чениндемин. Артыма дит бакпай келатам. Ошентип турсам, бир оокумда «каракчынын» салмактуу муштуму далыма келип бир тийди. «Мына! Бул чындап мени күмжам кылууга аттанган неме тура! Өлгөнүм ушул экен» деп көзүмдү жумдум. Муш дагы тийди... Өпкө-жүрөгүм үзүлүп кете жаздады... Жаңыдан автобустун терезесин сындыра тээп чыга качайын деп калганымда, арт жагымдагы эткээл байбиченин үнү угулду.

– Ай бала! Беш белетти тешип бере койчу баскычка, - деп байбиче бир нече талон берди. «Кудай жалгап байбиче экен, «коркконго кош көрүнөт» деген ушул да, бирок жанагы дугдуйган неменин муштуму тийсе, бала-чакамын көргөн күнү эмне болот эле? Кой, ушунчамда мындан кутулайын» деп, талонду берип жиберип, өзүм да алдыңкы эшикти көздөй жылып жөнөдүм. Мен алдыңкы эшиктен түшсөм, «каракчы» арткы эшиктен түштү... Сыр билгизбемиш болуп көп кабаттуу үйлөрдү көздөй бастым. А да артымдан калбай келатат. Жардамга чакырайын деп эки жагымды карасам, мага жан тартар эч ким көрүнбөйт. Кадамымды катуулаттым. А да кала турган эмес. Аргам түгөнгөндө чуркап жөнөдүм.

– Өөй, токто, токтой турсаң! - деди «каракчы».

Жан чиркин таттуу болот экен, тызылдап бутум бутума тийбей чуркап келатам. «Каракчы» эми көз көрүнөө кууп алды. Чоң көчөгө чыктым. Ал барган сайын жакындап келатат. Колумдагы портфелимди ыргытсам, «каракчы» ошого чалынып, асфальтка жыгылгандай болду... Мен артыма кылчайбай качып келатам...

Кайрадан, «каракчынын» жакындап калганын туйдум... Ушул учурда жаңыдан жөнөп бараткан троллейбуска жетип барган экенмин, эптеп-септеп ага жабышып, артындагы тепкичтери менен үстүнө чыга качтым. «Каракчы» да эми чындап киришкен белем, жанынан өтүп бараткан жүк ташуучу машинанын кузовуна жармашып чыгып, троллейбуска жакындап келатты. Аңгыча троллейбус темир жолдун астындагы көпүрөнүн түбүнөн өтүп баратканда чымыркаып туруп, бир секирүү менен көпүрөнү тиреп турган устундарга жармашып калдым.

Анан көпүрөнүн үстүнө чыгып, «эми, аман калдым го» деп үстү башымды күбүнүп жатсам, төмөн жактан күшүлдөп «каракчы» да чыгып келатыптыр. Дагы качтым. «Алары ушул болсо, алсын!» деп эки жүз сомдук пальтомду чечип ыргыттым. Бирок «каракчы» аны карап койбогону мындай турсун, өзүнүн пальтосун чечип ыргытып, костюмчан болуп кууп келатты. Ошентип куушуп олтуруп шаардын четине чыгып кетиптирбиз... Жолдун боюндагы чайкананын жанында токтоп турган арабанын үстүндө отурган ээсин жыга түртүп, камчы менен берип калганымда, араң турган аттар учкан куштай зымырап жөнөштү. О, бир топ узаганда «эми кутулдум го» деп бурулуп карасам, «каракчы» жанагы арабанын жанында турган жашыл «Урал» мотоциклин минип кууп келатыптыр. Жол менен качсам дароо жетип ала турган. Арабаны өз алдынча коё берип, карбаластап, тоону кыялап, жөө качып жөнөдүм... А да изиме түшүп кууп келатат. Ошентип олтуруп, түш оой кырдын кылда чокусундагы чала-була тууганчылык жагы бар Абдыракман деген токойчунун үйүнө барып калыпмын.

Эшиги кулпулануу экенин көрүп, босогодо жөлөнүп турган бир жуп лыжаны алып, бутума кие коюп, чыңк ылдый сызып жөнөдүм... Токойчунун ити да арсылдап кууп алды. Ылдамдыгым шамалдай. «Эми жетпессиң!» деп артыма кылчайсам, иттен дайын жок, «каракчы» болсо токойчунун баласынын чанасына отуруп алып, эдиреңдеп кууп келатыптыр. Анын ылдамдыгы да меникинен кем эместей. Бир оокумда лыжамды токтото албай алактап келатып, бийиктиги он метрдей жардан учуп түшүп, карга батып калдым. Көп узабай «каракчы» да жаныма келип түштү. Обдулуп, ордуман тура берерде «каракчынын» чанасы далыма тийип, кайрадан карга жабыштыра койду. Туруга дарман калбады. «Кыңк» этпей тагдырдын жазмышына моюн сунууга аргасыз болдум. Анын көзүнө тике кароого даабайм. Ортобузда кардын үстүндө жаткан ондатыр тумагыма көзүмдү далдаладым. Беркиделе кый-чый этип энтигип, дем ала албай калыптыр. Бирок анын да эки көзү тумакта. Акыры:

– Кудай жалгагыр! - деди «каракчы», энтигип күйүккөнүн басалбай жатып, - соопчулук үчүн алдагы тумагыңызды кайдан алганыңызды айтып коюңузчу... Тумак издеп, барбаган жерим калбады. Кыргызстандын дүкөндөрүндө ондатыр тумак деген болбойт экен. Ушул суукта, момундай баш менен тумаксыз көргөн күн курусун! - деп «каракчы» бир тал түгү жок кашка башын «каңк-каңк» дедирте, лыжанын таягы менен ургулады.

Мен иштин жагдайын түшүнөр замат сенделип ордуман туруп, тумагымды күбүп башыма кийдим... «Каракчы» болсо дагы эле күйүккөнүн баса албай энтигип, эки көзүн менин тумагыман албай, турууга алы келбей, карга батып жатты.

# Төкмөлөрдүн чыгармачылык ойлому жана интеллекти

*(Уландысы. Башы 3-бетте)*

Атаандаш акынды угуп жатканда, анын ар бир сөзүнө жооп даярдоо.

– атаандаш акын кайсы (эмне жөнүндө) темада, кантип айтканын, мурунку акындардын кимисине окшош жана айырмачылыктарга ээ экендигин, сөзүнүн, оюнун жаңылыгы эмнеде экендигин? талдоого алат;

– ошол эле учурда кандай жооп берүү керектигин ойлонуп барат (сөзүндө кандай кемчилик кетирди, эмнеси алгылыктуу болду ж.б. негиздеп, жооп даярдайт).

Атаандаш акындын ар бир сөзүнө жооп даярдоонун үстүнөн иштөө:

Атаандаш акын айткандарды тематикалык, мазмундук жактан талдоо жана топтоштуруу, жалпылаштыруу жүргүзөт.

Төкмө акын ушул иштерди акылында аткаруу аркылуу атаандаш акын айткан сөздөрдүн, ойлордун бирин да унутпай, ар бир сөзүнө өз позициясынан жооп бере алат.

Төкмө акын салыштырууларды кеңири колдонуп, өз ой-пикирин, эмоция-сезимдерин билдирет.

Төкмө акын болуу үчүн, адам өзүндө төкмөлүк ойломду калыптандыруу зарыл. Төкмөлүк ойлом алгоритмдерди жана ойлом стандарттарын пайдалануу менен байланыштуу.

Ал үчүн төкмө акын алгач алгоритмдерди жана ойломдордун даяр штамптарын-стандарттарын үйрөнүүсү зарыл болуп саналат.

Төкмө эл алдында калыпка салынган салт боюнча ырдап, төмөнкүдөй алгоритмде аракет жасайт: эл менен саламдашат, келген максатын жана ким менен келгенин айтат, келгенден бери өзү күбө болгон нерселер жөнүндө өз ой-пикирин айтат.

Төкмөлүк өнөрдө стандарт ойлом үлгүлөрү акын үчүн чоң мааниге ээ. Анткени кыргыз элинин маданиятында ой корутундулоодо стандарт болуп калган жыйынтыктарды пайдалануу салты бар. Алсак, кыргыздар макал-лакаптардагы даяр стандарт боюнча ой жүгүртүп, акыл калчайт. Төкмөлөр да ой жүгүртүүдө стандарт болуп калган ой жыйынтыктарын пайдаланышат жана андай ойлом маселени чечүүнү тездетип турат. Бул айтыш учурунда өтө керектүү акыл ыкмасы болуп саналат жана бул ыкма ар бир айтышта таасын көрүнүп турат. Адатта, төкмөлөр төмөнкүдөй ойлом стандарттарын пайдаланышат: эл (атаандаш) менен саламдашуу, келип калуу себебин айтуу, элдин өзгөчөлүгү жөнүндө ырдоо, өзү күбө болгондорго өз ой-пикирин билдирүү; же эл менен саламдашууга жана өзүн тааныштыруу, жыйындын себебин, андан мурда кимдер чыгып, эмне деп ырдаганын жана өз ой-пикирин айтуу ж.б.у.с.

Төкмө акын болуу процесси төкмөлүк интеллекти калыптандыруу менен жанаша жүрөт. Төкмөлүк интеллект кишиге татаал ишмердикти аткарууга мүмкүндүк берет жана ал өз өзгөчөлүктөрүнө ээ.

Ушул жерде баса белгилей кетчү нерсе, төкмө акындар айтышта эң биринчи кезекте өз жан дүйнөсүн: ойлорун, көз караштарын, позициясын билдирип, акындык чеберчилигин көрсөтөт. Мында албетте стандарт ойломдор өз жардамын тийгизет.

Жогоруда айтылган төкмөлөр интеллекти жөнүндөгү ой-пикирибизге далил катары казак акыны өз эл-жерин көкөлөтө мактап “бизде байлыктын баары бар, а силерде жок дегендей” ырына Элмирбектин берген жообун келтиребиз:

*Казакка түздү бериптир,*
*Мунайга жакын болсун деп.*
*Кыргызга кырды бериптир.*
*Кудайга жакын болсун деп.*
*Казакка чөлдү бериптир,*
*Темирге жакын болсун деп.*
*Кыргызга тоону бериптир.*
*Теңирге жакын болсун деп.*

Ырда Элмирбек казак акындын айтканын кайталап айтып, анын сөзүнүн тууралыгына кошуларын (анын чындыгын четке какпай тургандыгын) билдирип, айтылгандарга карата өз ойлорун билдиргенде; казакта бар нерсе кыргызда жок экендигин, ал эми кыргызда эч бир элде жок рухий байлыктар бар экендигин, анын өзгөчөлүгүн көзгө сая көрсөтүп жооп бергени анын өзгөчө чоң талант экендигин далилдеп турат!

Мына ушул жогоруда айтылган акыл аракеттер төкмө акындарга айтышып жаткан учурда атаандашынын ар бир сөзүн, кыймылын унутпай эстеп калууга жана алардын ар бирин акылынан өткөрүп, топтоштуруп, мурун ку стандарттарга (даяр калыптарга) салып, ошончо көп маалыматты эстеп кала алат жана алардан акыл калчоосунан заматта өткөрүп, атаандашынын ар бир сөзүн эске (көңүлгө) алып, өз ой-пикирин билдирүүгө, атаандашына жооп берүүгө мүмкүндүк жаратат.

Жыйынтыктап айтканда, айтыш татаал ырчылык өнөр болуп, айтыш процесси акындан белгилүү салттуу иш аракеттерди-алгоритмди аткарууну талап кылат. Мында акындар колдонгон ойломдун даяр стандарттарынын ролу чоң.

Айтыш эки акындын чыгармачылык күч сынашы болуп, интеллектик таймашы ишке ашчу процесс. Ошондон улам айтыш төкмө акындардын интеллектин өнүктүрүү процесси деп атоо туура болот.

Жыйынтыктап айтканда, төкмөлүк өнөр ишмердик катары өз өзгөчөлүктөрүнө ээ жана ошого жараша төкмөлөрдө психологиялык өзгөчөлүктөр жаралат.

Төкмөлөрдүн чыгармачылык ойлому төкмө болууга негиз болуп, басымдуу түрдө стандарт ойлом үлгүлөрүн(стандарт сүйлөмдөр, сөз айкаштары жана сөздөр ж.б.) колдонуу менен өз өнөрүн аркалайт, ошону менен бирге эле төкмө чыгармачылык ойломдун жардамында жаңы ойлорду айтат жана кырдаалга, темага байланыштуу өз көз караштарын билдирип, жаңы-жаңы чыгармаларды жаратышат.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫКА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№7
(305)

30
07
2024

kyrgyztili@mail.ru

# САЛТТУУ МАДАНИЯТТЫН МЕТАФИЗИКАСЫ

*(Уландысы. Башы 5-бетте)*

Жалпысынан, мифология белгилүү деңгээлде тааным функциясына эгедер жана ал - адам баласы жаратылышты, аны менен бирге социалдык материяны идеялык жактан иштеп чыгуунун, эс-акылдын элегинен өткөрүп, өздөштүрүүнүн алгачкы тарыхый формасы. Адилеттүүлүк менен белгилей кетүүчү нерсе, айрым окумуштуулар (А.Ф.Лосев, О. М. Фрейденберг, М. И. Стеблин-Каменский) мифтин түшүндүрүүчү (объяснительный) касиетине кайсы бир деңгээлде макул эмес, ал эми белгилүү антиковед Ф.Х.Кессиди болсо мифтин дүйнөкараштык функциясын танат. Ушуга карабастан миф аң-сезимден сырт дүйнөдөгү кубулуштарга карата белгилүү бир социалдык-рухий рефлексия катары түшүндүрмөлөө, эсуч менен боолголоо касиетине ээ болуу менен тарыхый өнүгүштүн алгачкы этабында ой чабыттоонун үстөмдүк кылуучу (доминирующий) жолу болгон. Учкул мезгил-убакыттын арымы менен ал өз үстөмдүгүн жоготсо да, ойлом аренасынан таптакыр жоголуп кеткен эмес. Деги эле чексиз аалам сырлары ачылмайын, мифтин мурда белгисиз улам бир жагдайы таасындала берет. Ал кандайдыр бир «деңгээл» же «фрагмент», «үзүндү» катары рухий маданияттын катмар-катарында өз функциясын өтөй берет. А. Эйнштейн таасын белгилегендей, миф, ага мүнөздүү чын турмушту «жандандыруу», байыркы адамдар ойломунда кандай абалда болсо, ошондой эле абалындагы маанисин сактап, кийинчерээк топтолгон илимий факторлордун натыйжасы кысымга алынат. Жаратылыш күчтөрүн, табийгый кубулуштарды зордоп багындырып, аларга ырайымсыз үстөмдүк кылуу опурталдуу экендиги, бүтүндөй адамзат Кожожаштын кейпин кийүү коркунучу бар экендиги, экологиялык тең салмактуулук зарыл экендиги да мифий каарман-окуялар аркылуу урпактарга астейдил эскертилет.

Мифтин маңызы кыял-ойдон жаралган фантазияга кудум чындыктай, реалдуу нерсе катары ишенүү. Мифий баян канчалык акыйкаттан алыс, фантастикалуу болсо да, байыркы эл тарабынан ал нагыз чындык катары кабылданган субъект менен объекттин ортосундагы жандуу ойдун учкулдугу менен түшүндүрүлгөн гносеологиялык жагдай мифтин жаралышынын субъективдуу фактору гана болбостон, ал кыял чабытынан жаралган фантазияга болгон ишенимди да шарттап турат.

Жогоруда белгилеп кеткендей мифий аң-сезимдин философемалык табияты салттуу маданияттын мазмундук тилкесинде “мифологема” катары сакталып калгандыгы шексиз, мындай ой бүтүмгө башкасын айтпаганда да элдик каада-салттагы эмпирикалык эс-акыл менен мифий байоо рефлексиянын айрым бир жалпылыгы (окшоштугу) негиз болоору талашсыз. Мифий аң-сезим структура түзүүчү конфигурация катары салттуу маданияттын “генетикалык коду” болуп эсептелет десек жаңылышпайбыз.

Белгилүү деңгээлде эс-акылдын эмпирикалык көрүнүшүнүн протофилософиялык формасы болгон салттуу маданияттын метафизикасы – мифий байоо философиянын классикалык логиканын сентенциялары менен мүнөздөлө турган сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүлүшү болуп эсептелет.

Салттуу коом - бул ошол коомдун мүчөлөрү үчүн өтө олуттуу мааниге ээ каадаларга, ырым-жырымдарга, ритуалдарга, көндүм стереотиптерге, элдик билимдерге, элдик таанымга негизделген жүрүм-турумдардын жыйындысы, комплекси менен туюндурулган коом. Традиции - «это обычаи, обряды, нормы поведения, ритуалы, представления, навыки, привычки, стереотипы знания и поведения, которые имеют значимый характер для различных социальных групп и ввиду этого передаются от поколения к поколению, воспроизводятся в их жизни и деятельности» деп аныктайт И. В. Суханов. Обьект-субьектилик мамилелердин контексинде салттуу коомду мүнөздөгөн түшүнүктөрдүн мазмундук өзгөчөлүгү онто-логикалык жактан чектелгендиги менен түшүндүрүлөт.

Салттуу маданияттын метафизикасы (СММ) андан кийинки (постсалттык) ойлом парадигмасынан кандай айырмаланып турат деген суроого жооп иретинде төмөнкү СММге мүнөздүү логикалык жактан жалпыланган атрибуттарды белгилесе болот: диний сымал (мүнөздөгү) ишенимге, каада-салтарга таянуу; дүйнөтүзүлүштү кабылдоонун (түшүнүүнүн) менталдык маңызы; индивиддин өз идентүүлүгүнө негизделгендиги; белгилүү бир ишмердүүлүктүн түрү жана ага туура келген социалдык түзүм, корпоративдик-клandдык мамиле ; ой жүгртүүнүн мифтик (синкреттик) формасы (Сетпин) уруулук, экономикалык эмес байланыштардын (церемония, ритуалдын ж.б.) үстөмдүгү; “жабык” коомдук система; биримдиктеги мейкиндик менен мезгилдин – хронотоптун шарттуулугу; билимдин (атадан балага өткөн) горизонталдык эмес вертикалдык формасы; табийгый-так билимий башталмаларга караганда дүйнөкараштык мүнөздөгү түшүнүктөргө басым жасоо; бийликтин авторитардык мүнөзү ж.б. В. А. Кутырев салттуу маданиятты онтология менен диалектиканын антитезасы катары мүнөздөйт: «Оппозицией бытия является ничто. Оппозицией вечности является время. Оппозицией традиции является новация… Традиции включены в поток времени, но по своей бытийной сущности есть то, что не развивается». Нерселик фундамент (вещественный фундамент), туруктуу уюмдук түзүлүш же болумушту аныктаган өзгөрбөй турган атрибуттук мүнөздөгү эрежелер сыяктуу базистик элементтер салттуу маданиятын метафизикасынын форма түзүүчү негизи (фундаменти) болуп эсептелет. Ушул аталган базисттик элементтер салттуу маданияттын негизги өбөлгөлөрү болуп эсептелет.



Метафизика, жогоруда белгиленигендей, дээрлик сезимтуюм органдарына таянган эмпирикалык таанымдын алкагынан чыгып, ойлом, ойжүгүртүү жана абстрактуу түшүнүктөр менен байланышкан теоиялык аң-сезимдин логико-гносеологиялык табиятына негизделген. Ал эми салттуу коомдун метафизикасы эмипирикалык метафизика: объект-субъектилик мамиле каада-салт менен негизделген социалдык факторлор менен чектелген; формалдашкан дүйнөтүшүнүк канондоштурулган социум тарабынан шартталган. Туруктуу мүнөздөгү салттык коомдун формаканондору салттуу метафизиканын таанымдык табиятын аныктап турат.

Салттуу коомдун моралдыкэтикалык эрежелери соңку постсалттык кырдаалга ылайык имитациялоочу (ситуативно-имитативной) этикадан айырмаланып, императивдик мүнөзгө ээ - анын нарк-насилдик дөөлөттөрү ар бир адам сөзсүз аткарууга милдеттендирилген. Адамдын жашоо образы, тиричилик жоруктары, жүрүш-турушу салттык канондор тарабынан алдын ала аныкталган жана корпоративдик баалуулуктарга “маданий матрицага” негизделген. Адистер салттуу маданияттын ушул аталган “маданий матрицанын” табияты тууралуу мындай деп жазышат: «Система ценностей и мировоззренческих ориентиров составляет своего рода «культурную матрицу», нечто вроде генома культуры, обеспечивающего воспроизводство и развитие социальной жизни на определенных основаниях. Эта матрица выражена пониманиями того, что есть человек, природа, пространство и время, космос, мысль, человеческая деятельность, власть и господство, совесть, честь, труд и т. п. В этих категориальных смыслах выражена предельно общая система мировоззренческих ориентаций, которая определяет человеческую жизнедеятельность в рамках определенного типа цивилизационного развития».

Салттуу маданият менен менталитет өз ара тыгыз байланыштагы кубулуштар: бири-бирин аныктап, биринен-бирине өтүп турат. Менталитет мейкиндик менен мезгил тогошкон белгилүү бир тарыхый кырдаалга тиешелүү тиричиликтин канондорунун, эреже-талаптарынын кайра-кайра кайталанышынын негизинде калыптанып, ошол кайталанмалыктын натыйжасында туруктуу мүнөзгө ээ болот да, менталитеттин субьектилеринин, менталдык жалпылыктагы адамдардын өз-ара коммуникациясын жеңилдетет. Салттык маданияттын туундусу болгон салттык менталитет корпоративдүү ойжүгүртүүнүн моделдик көрүнүшү болуп эсептелет: корпоративдүү түшүнүк-түшүнүм, ойлом, дүйнөкараш каада-салттардын табият-маңызын – аң-сезимдүү-бейаң мүнөзүндөгү жүрүм-турумдун координаттарын, ченем-эрежелерин, талаптарын аныктап турат. Ошол эле учурда салттык маданият салттуу маданияттын сакталышын өбөлгөлөп турат.

Менталитетке, салттык менталитетке иеррархиялык ойжүгүртүү мүнөздүү – үстөмдүк кылып турган туруктуу мүнөздөгү социалдык түзүмгө толук баш ийип, анын эркин сөзсүз аткарууга негизделген ойжүгүртүү салттуу маданияттын, салттык менталитетин атрибуту. Үстөмдүк кылган корпоративдик этиканын канондору менталитеттин субьектиси – адам үчүн “абсолюттуу идеал” болуп саналат. Иерархалдык ой жүгүртүү – бул ой жүгүртүүнүн вертикалдуу формасы жана ал аны негиздеп турган коомдук түзүмдүн архитектоникасы тарабынан аныкталып турат. Салттуу болмуштун шаты, тепкич сымал социалдык-иерархиялык турпаты адамдын универсум жөнүндөгү түшүнүмүн аныктайт: Бул ыңгай тууралуу А. Н Шуман мындай деп ой калчайт: “Рождалось так называемое “вертикальное мышление”, интересовавшееся не бытовым окружением и даже не причинно-следственными связями, а крайними пределами бытия, “координатами” абсолютного верха и низа. В целом в этой культуре, кажется, все выстраивалось архитектонически и иерархически и, однако, эта культура умела совмещать символический формализм всего ею созданного с его же чувственно-визуальной, телесной представленностью”. Шуман А. Н. Средневековая философия — качественно своеобычный этап в истории философии. Салттуу маданияттын философиялык рефлексиясы философиянын тарыхый онтологиясы менен түздөн-түз байланыштуу, анткени рух менен табияттын, ойлом менен болмуштун, реалдуулук менен идеалдуулуктун карым-катнашын аныктаган мыйзамдарды, түшүнүктөрдү, философиялык дүйнө таанымдын эволюциясын жана алардын ойлом процессинде, аң-сезимде чагылышын изилдөө философия тарыхы илиминин түздөн-түз милдети болуп эсептелт.

Салттуу маданияттын философиялык рефлексиясынын экспликациясы болгон философия тарыхы – философия илиминин теориясы менен логикасы: анткени, дүйнө түзүлүштү, болмушту, тааным теориясын жана ой жүгүртүүнү диалектикалык биримдикте иликтеп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү, алардын түп негизин түзгөн, универсал мыйзам ченемдер жөнүндөгү философия илими тарыхый жана логикалык процессти жалпылоого негизделген. Ал – тааным процессинин логикасы: учурдагы теориялык концепциядан, методологиядан келип чыгып, философиянын өтмүшүн иликтейт, келечегин аныктоого пайдубал болгудай жоболорду иштеп чыгууга багытталат. Аларды анализдеп, синтездеп, тезис-антитезис-синтез ыкмасы менен соңку илимий теорияларды аныктайт: кандай гана концепция болбосун, ал – тигил же бул нуктагы көз караштын тарыхый өнүгүүнүн жалпыланган көрүнүшү.

Дүйнөтүшүнүк деңгээлине жараша акыл-ойдун тарыхый-конкрет формалары аркылуу элдин болмушка (турмуш-табиятка) карата мамилеси (баёо болсо да) кандайдыр абстракциялар түрүндө – салттуу маданиятта элдик маданий традицияларда, фольклордо чагылдырылат. Салттуу маданияттагы оозеки түрүндөгү дүйнөтуюм, дүйнөтүшүнүк, дүйнөтааным муундан муунга барып, улам соңку урпактарга уңгулуу сабак болуп келген. Салттуу маданияттын үлгүсү болгон элдик чыгармалардагы уюткулуу улуу ойлорду иргөөдө илимий-теориялык жоболорго таянып, аларды бир бүтүн системага келтирип, өтмүштүн "философиясын" түзүүгө болот. Анткени, эпикалык же биздин элге таандык башка көркөм жанрларда зор "философиялык" дүрмөткө эгедер концепттер (түшүнүктөр) жок эмес. Ал тургай элдин рухий дүйнөсүнүн көрүнүшү болгон салттуу маданияттын көркөм жанрлары да – дүйнөтүшүнүүнүн өзгөчө жолу. Айтор, табият (аалам түзүлүшү), коом (жай турмуш, болмуш), ойлом (акыл-ой, акыл-эс) жагдайларына мүнөздүү жана алардын табият-турпатын чагылдырып турган "философиялуу " түшүнүктөр салттуу маданиятта элдик чыгармаларда арбын. Аларды айрым тарыхый маалыматтар менен бекемдеп, жалпылап, диалектиканын негизги мыйзам жоболоруна ылайык реконструкциялап, өтмүштүн философиялык картинасын түзүү же салттуу маданияттын философиялык рефлексиясын иштеп чыгуу толук мүмкүн.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№7 (305)

30 07 2024

kyrgyztili@mail.ru

1-тиркеме
КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын 2024-жылдын 25-июлундагы № 52 буйругу

# КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛУСУНУН ТҮЗҮЛГӨНДҮГҮНҮН 100 ЖЫЛДЫГЫНА ЖАНА "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛИ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН КАБЫЛ АЛЫНГАНДЫГЫНЫН 35 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАНДЫК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫН АРАСЫНДАГЫ СЫНАКТЫН

## ЖОБОСУ

### 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия (мындан ары – Улуттук комиссия) тарабынан 2018 – 2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын, 2021 – 2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясын, 2021 – 2026-жылдары инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясын, Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын, "Манас" эпосун изилдөө жана популярдаштыруу боюнча концепциясын жүзөгө ашыруу максатында жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-октябрындагы № 270 Жарлыгына ылайык Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына карата өткөрүлүп жаткан төрт айлыктын алкагында иш-чара.

**1.2.** Бул Жобо сынак уюштуруу жана өткөрүү тартибин аныктайт.

**1.3.** Сынак Уюштуруу тобу тарабынан уюштурулат жана өткөрүлөт.

**1.4.** Сынактын ар бир этабынын жыйынтыгында беш мыкты кызматкер тандалып, баалуу сыйлыктар менен сыйланат.

### 2. Сынактын максаты:

**2.1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-октябрындагы № 270 Жарлыгын ишке ашыруу максатында Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгын өткөрүү жана "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгын белгилөөнүн алкагында мамлекеттик тилди өнүктүрүү аркылуу мамлекеттүүлүктүн негиздерин чыңдоо, мамлекеттик тил мыйзамынын конституциялык даражасын таануу жана мамлекеттик тилди колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү.

**2.2.** Нарктуу мамлекеттик кызматчыны калыптандырууда мамлекеттик тилге жана салттуу баалуулуктарга өзгөчө көңүл буруу, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кеп маданиятынын сабаттуулугун жогорулатуу.

### 3. Сынактын катышуучулары

**3.1.** Сынакка Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын сот органдары, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Статистикалык комитети, министрликтер жана ведомстволук түзүмдөрү, облустук ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрдүн аппараты жана райондук мамлекеттик администрациялары, Бишкек, Ош шаарынын мэрияларынын муниципалдык кызматчылары катышат, катышуучулардын саны чектелбейт.

**Эскертүү:** Сынакка филолог, журналист, лингвист, философ, тарыхчылар катыша албайт.

### 4. Сынактын тематикасы жана өткөрүү мөөнөтү

**4.1.** Сынак 2024-жылдын 15-августунан 25-декабрына чейин төрт этап менен өткөрүлөт.

**4.2.** Ар бир этап эки баскычтан турат. Биринчи баскычта видеобаян, экинчи баскычта атайы иштелип чыккан тест тапшырмасы.

### I этап. Мамлекеттик тилдин 35 жылдыгы - 15.08.2024 – 15.09.2024

**1-баскыч.** 2023-жылдын 17-июлундагы № 140 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын ишке ашыруунун алкагында катышуучулар төмөнкүлөрдүн бирин чагылдырган видеобаян жасашат:

– коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө мамлекеттик тилдин толук жана кеңири колдонулушун камсыздоо;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын кеп маданиятынын деңгээлин көтөрүү;

– мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, уюмдарда жана мекемелерде, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында мамлекеттик тилдин иштешин камсыз кылуу;

– жарандык коомдун жашоо тиричилигинде мамлекеттик тилдин ролун жогорулатуу, ошондой эле кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын калыптандыруу жана өнүктүрүү.

Биринчи баскычтын жыйынтыгы боюнча ушул Жобонун 3.1. пунктунда көрсөтүлгөн орган же мекеме эң мыкты деген бир видеонбаянды аныктап, аны 2024-жылдын 15-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын **mamtil.kg@mail.ru** почтасына жиберет.

**2-баскыч:** 1-баскычтан өткөн кызматкерлер 2024-жылдын 15-сентябрынан 20-сентябрына чейин чейин Улуттук комиссия тарабынан атайы иштелип чыккан тестирлөөдөн өтүшөт. Тестирлөө онлайн форматында болот.

*Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо:*

I этаптагы сынакта жеңүүчү деп табылган 5 кызматкерге баалуу сыйлыктар каралган. Жеңүүчүлөргө сыйлыктар 2024-жылдын 23-сентябрында "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына карата өткөрүлгөн салтанаттуу иш-чарада тапшырылат.

### II этап. Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгы 15.09.2024 – 15.10.2024

1-баскыч. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-октябрындагы № 270 "Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгын белгилөө жөнүндө" Жарлыгын аткаруу максатында катышуучулар төмөнкүлөрдүн бирин чагылдырган видеобаян жасашат:

– мамлекеттүүлүк идеясын, анын калыптануу жана өнүгүү этаптарын, тарыхын, маанисин түшүндүрүү, коомчулукка жайылтуу;

– мамлекеттүүлүк идеясы үчүн күрөшкөн, салым кошкон, курман болгон мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин, тарыхый инсандардын өмүр-жолун, аткарган иштерин даңазалоо;

– мамлекеттүүлүктүн негизги уңгусунун бири – тил, тарых, маданияттын маани-маңызын ачып берүү.

Биринчи баскычтын жыйынтыгы боюнча 2024-жылдын 15-октябрына чейин ушул Жобонун 3.1. пунктунда көрсөтүлгөн орган же мекеме эң мыкты деген бир видеобаянды аныктап, аны Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын **mamtil.kg@mail.ru** почтасына жиберет.

**2-баскыч.** 1-баскычтан өткөн кызматкерлер 2024-жылдын 15-октябрынан 25-октябрына чейин Улуттук комиссия тарабынан атайы иштелип чыккан тестирлөөдөн өтүшөт. Тестирлөө онлайн форматында болот.

Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо: II этапта өткөрүлгөн сынакта жеңүүчү деп табылган 5 кызматкерге баалуу сыйлыктар каралган. Жеңүүчүлөргө сыйлыктар 2024-жылдын октябрь айынын аягында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан тапшырылат (убактысы жана орду боюнча кошумча маалымат берилет).

### III этап. Кыргыз жараны - 15.10.2024 – 15.11.2024

Бул сынак эне тили мамлекеттик тили болбогон мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн өткөрүлөт.

**1-баскыч.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы № 39 2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясын ишке ашыруунун алкагында катышуучулар төмөнкүлөрдүн бирин чагылдырган видеобаян даярдашат:

– жарандардын Кыргыз жараны деп өзүн таануусун өнүктүрүү, Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана улуттук дөөлөттөрүн урматтоо;

– мамлекеттик тилди өркүндөтүү, эне тилди сактоо жана өнүктүрүү.

Кыргыз жаранын мамлекеттик тилде эркин сүйлөгөн жаран катары калыптандыруу.

Биринчи баскычтын жыйынтыгы боюнча 2024-жылдын 15-ноябрына чейин ушул Жобонун 3.1. пунктунда көрсөтүлгөн орган же мекеме эң мыкты деген бир видеобаянды аныктап, аны Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын **mamtil.kg@mail.ru** почтасына жиберет.

**2-баскыч.** 1-баскычтан өткөн кызматкерлер 2024-жылдын 15-ноябрынан 25-ноябрына чейин чейин Улуттук комиссия тарабынан атайы иштелип чыккан тестирлөөдөн өтүшөт. Тестирлөө онлайн форматында болот.

Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо: III этапта өткөрүлгөн сынакта жеңүүчү деп табылган 5 кызматкерге баалуу сыйлыктар каралаган. Сыйлыктар 2024-жылдын ноябрь айынын аягында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан тапшырылат (убактысы жана орду боюнча кошумча маалымат берилет).

### IV этап. Улуттук нарк - 15.11.2024 – 15.12.2024

**1-баскыч.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы Улуттук нарк жөнүндө № 157 Жарлыгын жүзөгө ашыруунун алкагында катышуучулар төмөнкүлөрдүн бирин чагылдырган видеобаян даярдашат. - коомго, өлкөгө жан дили менен берилген өрнөктүү, наркутуу жаранды калыптандыруу; - коомдун наркутуу өкүлүн жана наркутуу мамлекеттик кызматчысын калыптандырууда мамлекеттик тилге жана тарыхый баалуулуктарга өзгөчө көңүл буруу;

– жарандык коомдун жашоо тиричилигинде мамлекеттик тилдин ролун жогорулатуу, ошондой эле кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын калыптандыруу жана өнүктүрүү;

– улуулары урматтоо, меймандостук, конок күтүү, бала тарбиялоо ж.б.у.с.

1-баскычтын жыйынтыгы боюнча 2024-жылдын 15-декабрына чейин ушул Жобонун 3.1. пунктунда көрсөтүлгөн орган же мекеме эң мыкты деген бир видеобаянды аныктап, аны Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын **mamtil.kg@mail.ru** почтасына жиберет.

**2-баскыч.** 1-баскычтан өткөн кызматкерлер 2024-жылдын 15-декабрынан 25-декабрына чейин Улуттук комиссия тарабынан атайы иштелип чыккан тестирлөөдөн өтүшөт. Тестирлөө онлайн форматында болот.

Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо: IV этапта өткөрүлгөн сынакта жеңүүчү деп табылган 5 кызматкерге баалуу сыйлыктар каралган. Сыйлыктар 2024-жылдын декабрь айынын аягында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан тапшырылат (убактысы жана орду боюнча кошумча маалымат берилет).

### 5. Видеобаянга коюлган жалпы талаптар жана критерийлер:

**5.1** Сынакка катышкан мамлекеттик (муниципалдык) кызматкер ар бир өткөн айлыктын алкагында берилген тематикага жараша 2-3 мүнөттөн ашпаган убакытты камтыган эркин формада видеобаян жасайт. Видеобаян төмөнкү критерийлер менен бааланат.

**Баалоо критерийлери (1-10 чейинки упай берилет):**

– теманын оригиналдуулугу;
– мамлекеттик тилди пропагандалоо;
– улуттук сыймыкты жаратуу;
– ар-намысты ойготуу;
– жарандык аң-сезимди ойготуу;
– көркөмдүүлүк;
– ойдун жеткиликтүүлүгү.

видеобаянга карата талаптар:

– видео сапаттуу тартылышы зарыл;
– катышуучунун үнү так жана даана болушу кажет; - видеобаян 2 мүнөттөн 3 мүнөттөн ашпоого тийиш; - Видео MP4 же MOV форматында болушу керек; - 9:16 өлчөмүндө портреттик багытта болгону дурус;
– видеобаян өзү иштеген мекемenin социалдык тармактарына (фейсбук, инстаграм) жүктөлүүсү зарыл;
– #мамтил35 хештеги менен Улуттук комиссиянын белгилөөсү шарт;
– жүктөлгөн видеобаянга жакты белгисин (лайк) жана пикирлердин көп болушу;
– башкалар менен бөлүшүлгөн жана көп көрүлгөн статистикалык көрсөткүчтөргө артыкчылыктар каралат.

**Сынакка төмөнкү критерийлер каралбайт:**

– көркөм окуу;
– башка авторлордун жана өзүнүн ырларын айтуу;
– видеобаян 4 мүнөттөн ашык болгондо;
– сапатсыз видеобаян.

**Байланыш телефону:**
21 01 52, 0700 015 452
**Дареги:**
Бишкек ш., Чыңгыз Айтматов проспектиси 1с2,

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№7 (305)
30 07 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Темирбек Матыбаев



## Айтыштардан үзүндүлөр:

***

*Азыр карап олтурсаң,
Баары эле элдин баатыры,
Баары эле элдин акыны.
Барактай калсаң тик-токту,
Баарынын укмуш акылы.
Эртели-кеч эбирейт,
Эркеги да, катыны.
Байып көрө электер,
Бай болгонду үйрөтүп,
Эрден чыгып калгандар,
Жар болгонду үйрөтүп,
Оң-тетири сүйлөшүп,
Оокатын кылып жатыры.
Колу боштун баарысы,
Коомдун мотиватыры.
Чалыярлар көбөйүп,
Чайкап да түштү башыңы.
Тажадык "акылмандардан",
Тайып кеткен чатыры!*

***

*Эне тилин билбеген,
Эссиздер жүрөт миңдеген.
Өз тилин билбес жандарга,
Өзөгүм күйүп жинденем.
Аларга менин айтарым,
Алтымыш түрдүү илим бил,
Алты атаңдын тилин бил.
Жетимиш түрдүү илим бил,
Жети атаңдын тилин бил.
Эчен тилди билсең да,
Эне тилден кийин бил!*

***

*Бөбөктөрдүн тилдери,
Бөлөк тилде чыгууда.
Смартфондон балдарың,
"Синий трактор" сыяктуу,
Чет элдин сандырактарын,
Четинен тандап угууда.
Балдыраган нерселер,
Балдардын тилин буруда.
Жокпу бизде каражат,
Жорго тилдүү кыргыздын,
Жомогун мультик кылууга.
Ынтаа койгон жаштар жок,
Ыбырай күүсүн угууга.
Эмикилерде не жазык,
Эс бербесе улууга.
Эртерээк калкым, ойлонгун,
Эртерээк калкым, ойгонгун,
Бир күн жетер бузууга,
Миң күн кетер куруга.*

***

*Атпай журт кылып аракет,
Алыстаса экен балакет.
Эми айтайын даана кеп,
Эсиңе элим, сала кет.
Балдарың бала төрөдү,
Балакатка бара элек.
Күндө кабар угабыз,
Күнөөсүз ымыркайлардын,
Күмбөзүнө айланды,
Таштанды, дааратканa деп.
Канынан чыккан баласын,
Кантип таштайт кара бет!
Бөлөгүн койчу, коён да,
Бөжөгүн коргойт санаа жеп.*

*Калса эгер көчтөн адашып,
Каймал да боздойт бала деп.
Билсе да болуп билмексен,
Бир кыргыз намыстана элек.
Кыскарып барат намысың,
Кыскарган сайын багелек.
Эссиз уулуп болуп мырзача,
Эссиз кыз этек жыйнаса,
Айта алам күмөн-шеги жок,
Айыкмак ушул жара деп.*

***

*Алп Элмир жолун жалгаган,
Акындар сайрайт кайрадан.
Чек арага барбаган,
Челектерге таң калам.
Баткенге басып барбаган,
Башчыларга таң калам.
Маңкурттар жүрөт ак үйдө,
Маселе чече албаган.
Тойбос чоңдор бизде көп,
Тонналаган суу сатып,
Тоо- таштын баарын жалмаган.
Кылыгын көрүп алардын,
Кыргыз дештен да арданам!*

***

*Азыр карап олтурсаң,
Анысы деле жыртактайт,
Мунусу деле жыртактайт.
Устатым Элмир айткандай:
Парламент деле ырсактайт,
Өкүмөт деле ырсактайт,
Ырсактап турса баарысы,
Мамлекетти ким сактайт?*

***

*Төрөлөр абдан кутурду,
Толтурбады купулду.
Куу дүнүйө, мансапты,
Кудайындай тутунду.
Пара десе жутунду,
Папкесине бүт урду.
Кайран кыргыз калкымдын,
Касиетин учурду.
Көздөрү көрбөйт чындыкты,
Көр дүйнөгө жутулду.
Эсиргенден эсирип,
Элдин баркын кетирип,
Эселетти кусурду.
Тонун сыйрып жардынын,
Тонобой элдин байлыгын,
Чоңдор,
Токтотсоң боло ушуңду!
Кайран элден нарк кетип,
Каадасынан бузулду.
Аталар тулпар тердетип,
Апалар жашын селдетип,
Аяр тутуп келди эле,
Ала-Тоо ыйык кутуңду.
Арбагына алардын,
Айтар алкыш ушулбу?!
Элмирбек устат сыяктуу,
Эсине алып ким ойлойт,
Эртеңки келер тукумду?*

***

*Өсүп атса бир кыргыз,
Өлө жаздайт миң кыргыз.
Көрүнүп атса бир кыргыз,
Көрө албай турат миң кыргыз.
Көрө албас, кызганчаак жандар,
Көпкө барбайт бил, кыргыз.
Алдуусу кордоп алсызын,
Бир- бирине хан кыргыз,
Бир-бирине бий кыргыз.
Үч миллиону олуя,
Төрт миллиону пир кыргыз.*

***

*Өлкөдө абал "беш" эмес,
Бирок,
Өнүгүүгө кеч эмес.
Өзөгүбүзгө кайталы,
Өзгөнүн жолу эш эмес...*

***

*Текши элде көп көйгөйдү,
Темирбек кантип жашырат.
Жетилбей жатса өспүрүм,
Жүрөгүң канап ачышат.
Энелер азыр балдарын,
Эмизгенден качышат.
Уйдун сүтүн беришип,
Толгон-токой балдарды,
Торпок кылып жатышат.
Коомго аралаштырбай,
Коркок кылып жатышат.
Балдарын да ойлобой,
Бийлик-байлык деп жүрүп,
Бир топ жашка барышат.
Кирин соруп тишинин,
Килейген тамды салышат.
Карыганда жан оорул,
Кабыргасы кайышат.
Азык-түлүк жагына,
Аяныл акча коротпой,
Айыккыс дартты табышат.
Пайдасыз дүйнө үйүшүп,
Пайдасын көрөр кезинде,
Пастелге жатып калышат.*

БИШКЕКСКАЯ АВТОШКОЛА СОЮЗА ВОДИТЕЛЕЙ
Производит постоянный набор на курсы водителей категории:
B (легковая) 2,5 месяца 10000сом полный курс
BC (легковой, грузовой) 3,5 месяца 15000 сом полный курс
г.Бишкек ул.Малдыбаева 34А
0312 545607, 0505 545607, 0556 545607

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№7 (305)
30 07 2024
kyrgyztili@mail.ru



**Кыргыз тили**
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы

**Редактор:** Дүйшөн КЕРИМОВ 0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:** Сапар кызы Жибек 0(553) 932503

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Айтматов көчөсү, 1/1
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24
**Буюртма:** 350
**Нускасы:** 2 900